Тынчтыкбек Нурманбектов

# ТАШ-КӨМҮР ТАБЫ



Р(Ки)
Н-90

Тынчтыкбек Нурманбетов

# Таш-Көмүр табы

*Ырлар, поэмалар*

*Толукталып, 2-басылышы*

«Бийиктик»
Бишкек – 2011

АБ
Таш-Көмүр
10047

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Н 90

Нурманбетов Тынчтыкбек
Н 90 **Таш-Көмүр табы**: Ырлар жана лиро-публицистикалык поэмалар.Б:, 2011, – 160 б.

ISBN 978-9967-13-735-6

Өзүнүн ойлорго мол, көңүл кушун оболонтуп, жүрек кылдарына жеткен ырлары менен поэзия сүйүүчүлөрүнө кеңири таанымал зирек акындын бул жыйнагына туулуп-өскөн жер, мезгил, турмуш, эне мээрими, эне тил, жашоо кумары тууралуу сезим-туйгулары, замандаштарына арноолору, публицистикалык маанайдагы поэмалары топтолду. Ошондой эле акынга ак дилден жазыла айтылган каалоолор, изги пикирлер да киргизилди.

Н 4702300200-11
ISBN 978-9967-13-735-6

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Нурманбетов Т., 2011

Бул китебим Таш-Көмүрдө өмүр бою күжүрмөн кенчи болуп эмгектенген асыл атам **Асанкул Нурманбет** уулунун 80 жылдыгына карата бейитине койгон ыр дестем.

*Автор*

## ТАШ-КӨМҮР ТАБЫ

Таш-Көмүрдүн баарындай баар барбы?
Таш-Көмүрдөй көзгө ысык шаар барбы?
Таш-Көмүрдүн табындай дилден өчпөс,
Таш-Көмүрдө балалык доор калды.

Таш-Көмүрдүн жазына маашырланып,
Таш-Көмүрдө он сегиз жашым калып.
Бак-таалайга карк болгон күндөрдү эстеп,
Тегеренет көздөн жаш жашылданып.

Таш-Көмүрдүн бир кызын сүйүп калып,
Сүйгөнүмдү түгөнгүр билип калып.
Менден кырдуу биреөгө тийип кетти,
Мен кургурга бүтпөгөн бүлүк салып.

Ошол күндөн жүрөгүм жара болду,
Бар тапканым боор эзген санаа болду.

Сүйбөгөнгө сүйкөнгөн арын билбей,
Өзүмдү өзүм табалайм «чала болду».

Кум учуруп улуган шамалыңды,
Кудай акы ушунча самадымбы?
Кучактагым бир келет, кучактагым,
Көзгө комсоо көрүнгөн дарагыңды.

Менин терең ишеним, баамымда
Көмүр эмес, кара алтын аныгында.
Маңдай терден курулган мончоктогон,
Кенчилердин керемет шаары мына!

Таш-Көмүргө боорум эзилет не?
Жанга жакын башкача сезилет не?
Таназарга албаган башка бирөө,
Таалайымдыр маңдайга жазылган же!

* * *

Таш-Көмүрдө он сегиз жашым калып,
Бараткaнга кыркты ашып жаш улгайып.
Түнөрөмүн түйшөлүп түндө уктабай,
Бир өкүнүч жүрөктү өйүйт таарып.

Кайрып алгым келет, бир кайрып алгым,
Канттай ширин күндөрүн өмүрүмдүн.

Унуттурган жашоодо кайгы барын,
Сенде өткөнүн кезинде кайдан билдим?

Касиетин көмүрдүн кийин билип,
Көңүлүмө тумардай алдым илип.
Сени күсөп жүрөмүн Сары-Өзөндө,
Сагынычым жүрөктү өйүп, тилип.

Таш-Көмүрдүн табына табынамын,
Теңириме миң мерте жалынамын.
Таалай издеп жол кезген дербиш өңдүү,
Таш-Көмүргө жөнөөгө камынамын.

## АЙЫКПАЙТ

Жетим калып жетилген тагдырлашым,
Эл алдында чындыкты айтуу лазым.
Ата-эненин мээрин күсөйт дале
Ак аралап калса да кара чачын.

Таш-Көмүрдүн табы келет ырынан,
Ташыркабай өтүп мезгил сынынан.
Тайбуурулдай күжүлдөйсүз, Раке,
Бурбай айтсам эгер кепти чынынан.

Таш-Көмүрдөн таап алган бактысын,
Теңирим да берип жардын жакшысын.

Толкуп-ташып карт Нарындай Ракем
Торгой сымак сайрап келет калкы үчүн.

Боор толгоп уялаштай үйрүлүп,
Барбалактап жаш баладай сүйүнүп.
Берерге ашын таппай калат калдастап,
Улуу башын кичүү кылып жүгүрүп.

Ак аралап калса дагы чачыбыз,
Барга-жокко бышса дагы башыбыз,
Балалыктын айылына бара албай,
Ташыркады минген азоо атыбыз.

Эми кайдан Ууру-Сайды табабыз?
Эңсеп, эстеп эңшерилип алабыз.
Эки келбес эне-атанын айынан,
Эч айыкпайт көкүрөктө жарабыз.

Эр ортону элүүгө келдиңизби?
Элүү жашты, Раке, эңдиңизби?
Экөөбүздү ага-инидей эң ынак,
Эки дүйнө бөлө албайт эч ким бизди.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БААТЫРЫ, КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫ А.С.КАБАЕВге

Моюндаш өскөн Ак шумкар,
Марага озгон Ак тулпар.
Мартаба тапкан мээнеттен,
Маңдайы жарык Ак Султан.

Бир башта эки көз болдук,
Кыйышпас, сырдаш дос болдук.
Кыйын жол басып кыр ашып,
Кыйналсак чөкпөй бек болдук.

*2008-жыл.*

* * *

Кош карекке сыйып ысык шаарым,
Көкүрөктү көлкүлдөттү баарың.
Көзүм тойбой, кылчак-кылчак карадым,
Көзгө илешпей калгычакты караанын.

Эне сүтү, ата каны – мээр табым,
«Тогуз жолдун тоомундагы» шаарым.
Ким бирөөгө көрүнөөр баткак, таштак...
Мага болсо түгөнбөс кенчтүү шаарым.

Таманымдан табы урат көмүрүмдүн,
Көбүн сыртта өткөрдүм өмүрүмдүн.
Менин мүдөөм – ак кызмат өтөө элге,
Шүгүр этип бергенине Теңиримдин.

## УУРУ-САЙДЫН БАЛДАРЫ

Ууру-Сайдан уурдалып балалык,
Учкан куштай туш-тарапка тарадык.
Ууру-Сайдын идиректүү балдары,
Керек ишке кебелбестен жарадык.

... 7-«Б» Момуновдун классы,
Момун эмес, тентек элек ырасы.
Качып кетсек сабактарга катышпай,
А директор Момуновдон сурачу.

7-«Б» бейбашыраак, шогураак,
Оюнга маш, окуу жакка жогураак.
Башты кашып, турар элек доскада,
Маселени чыгара албай оорураак.

Тыйын ойноп кумарга кабылаарда,
Чылым чегип балээге малынаарда.
Кайран Акмат агайым пирдей болуп,
Туура жолго түшүрдү жаңылаарда.

Ууру-Сайдын балдарынан топтолгон
7-«Б» класс болчу шоктонгон.
Кыздарыбыз кыя карап кылгырып,
Жаш жүрөккө милтеси жок ерт койгон.

Он алтыга толо электе курагым,
Ууру-Сайда уратылды турагым.
Уурдалган ууз сүйүүмө уугуп,
Алигүнчө айыга элек убагым.

Ак мектептин эшигин аттай албай,
Ак чач болдум байма-бай каттай албай.
Кымырылам кырк жылдан кийин деле,
Эже-агайды окуткан барктай албай.

* * *

Акын болдум азап тартып жашымдан,
Көптү көрдүм, көптү өткөрдүм башымдан.
Таржымалым тамга болуп тизилип,
Ыр сабына тагдыр мөөрү басылган.

Жоготууга улутунуп да, умсунуп,
Алкым бузуп, байыбадым жулкунуп.
Жаратkandын берээринен түңүлбөй,
Жашап жүрөм жакшылыкка умтулуп.

Камыр-жумур жашап жүрүп эл менен,
Баатыр болуу оюма эч келбеген.
Бүркүт учкан аскаларга чыкчумун,
Жетиш үчүн максатыма дегдеген.

Ак илбирстей аска, зоодон секирдим,
Кыйын ишке башты байлап жетилдим.
Барбай калсам ашка, тойго, үлпөткө
Убакыт тар, туура түшүн, кечиргин.

* * *

Таш-Көмүрдө кыялданып жашадык,
Таш-Көмүрдү таалай шаары атадык.
Келгилечи, классташтар кыйбаган,
Кетеличи баштагыдай жашарып.

Таш-Көмүрдө буйруганча жашадык,
Ысык калаа, ырыс калаа атадык.
Кел, келгиле, классташтар сагынган,
Картайбаска кетеличи бата алып.



## ООМАТ

Тегененин боз турпагын ууччтаган,
Төө-Кырда мамык жаздап уктаган.
Белин байлап аруу тилек, максатка
Кесип издеп ата-энеси укпаган.

Майлуу-Сууда такшалып да, баркталып,
Маңдай тердин акыбети акталып.
Мандат алып ишенимге арзыган,
Төрагалык чоң кызматка тапталып.

Колдоп, сүрөп коймок турсун кодулап,
Тизгин тартып алабы деп чоочулап.
Көмөчүнө күлүн тартты көр тууган:
«Болбойбу, – деп, – момунураак, жоошураак».

Бут тосууга, басмырлоого басынбай,
Чындык сөздү бетке айтты тартынбай.
Өз дегенде өктөмдүгүн унутуп,
Адаты бар барбалактап чачылмай.

Кызыл атчан Шер командир жээни,
Аксылыктын «Камчыга сап» дээри.
Бир кездеги боз уланга эрбейген
Оомат ооп, келип турат кемели.

Ашуу аштың, арыбагын Оомат,
Асти сени тоорубасын доомат.
Жигит пири Эр Шаймерден колдосун,
Жолуң шыдыр, жолуң болсун дайым ак!

*2009-жыл.*

* * *

Ак тилегим аткарар угуп туруп,
Ар-намыска жарарым билип туруп.
Ак батасын калың журт берген эле,
Жетериме жеңишке үмүт кылып.

Баш министр баш болуп кодулаган,
Түбү кандай болор деп чочулаган.
Качаар Ажо күлмүңдөп кабыл алып,
Тил эмизип кыйлага божураган.

Сөзүн кыйбай койгонго өкүнөмүн,
Өзүмдү өзүм айыптап жекиремин.
Баш тартканга кармаштан мандат үчүн,
Элим мени билемин кечирээрин.

Жүйөө айтканга бир тууган жараган жок,
Жүрөк ооруп кыйналсам караган жок.
Кыянаттык кылбасын деген тейде,
Жол бошоттум Осолго аргасы жок.

Калайыкты теги бир тирештирбейм,
Кадырына жаман сөз илештирбейм.
Камын көрүп карыган кемпир-чалдын,
Жаштарына бакубат жашоо тилейм.

Эс тарткандан элим деп билек түрүп,
Таш-Көмүрдүн табына жүрөк жылып.
Таза жүрүп, ак иштеп качан болсо,
Тең бөлүшөм тапканды топук кылып.

Эл аралап жаштайымдан такшалдым,
Ишин иштеп, ашын жебей макталдым.
Көзүн карап жаман көрөт дебестен,
Жалкоо, ыкшоо, жегичтерге чап салдым.

Тыкыр санап ишкананын пайдасын,
Көп кетирдим жагымпоздун айласын.
Токтоп калаар комбинатты иштетип,
Калыбына бат келтирип чарбасын.

Азгырылып же артынан түшпөдүм,
Атың өчкүр алтын менен акчанын.
Жанды сабап өндүрүштө иштедим,
Жанкүйөөрүм, Эркинайым, актаңым.

Уул-кызыма жалбарамын үйрүлүп,
Көзүм катып көргөн өңдүү карыганда.

Кубангандан бутум кетет сүрдүгүп,
Бакыт жоктур мындан өткөн жалганда.

Байлык, мансап адамга бапа бербес,
Эр-азамат басынып жата бербес.
Көзүн таап көп ишти бүтүп салдым,
«Бармак басты, көз кысты» таризде эмес.

Бар тапканым бапырап аябадым,
Кулач жайып керилет түнөк шаарым.
Суу чыкпаган какыр чап кызыл таштуу,
Шагы ийилген бак болот ынанамын.

## МЕДЕР ТУТУП

Майданда курман болгон уулун көксөп,
Кайышты кабыргасы чоң энемин.
Апкытын эски өтүктүн улам көктөп,
Орушту кайрак данын Тегененин.

Чекеден мончок-мончок терин сүртүп,
Чак түштө саратанга далы күйүп.
Сол баштап, сол башынан кайра түшүп,
Тынчы эмес, кайраттанып жеңин түрүп.

Буркурап көздөн жашын төгө берчү,
Бүк түшүп сарсанаага чөгө берчү.

Апарык манжалары чекем сылап,
Мени эле медер тутуп өбө берчү.

Эш болдум, эрмек болдум карыганда,
Кайгысын тең бөлүштүм кайгырганда.
Уулунан мен калыпмын туяк болуп,
Көңүлүн жубатарга сагынганда.

## ӨКҮНҮҮ

Аттиң ай! Ошол күнү эрте келсем,
Акыркы керээзиңиз угаар белем?
Энеке, көз жумарың эгер билсем,
Кеч калып көк жылгаяк тебээр белем.

Күтүпсүз оор дартка моюн сунбай,
Күтүпсүз мени сурап эчен курдай.
Бейкапар эшик ачып киргенимде
Калыпсыз тилиңизди күрмөй албай.

«Акыркы керээзимди айтып өлөм» –
Дечүсүз мээримдүү азиз эне.
Ойлодум: акыркы керээзин айтпай мага
Капилет кантип энем өлмөк эле.

Нес болдум көздөн жаш тегеренбей,
Нес болдум бул жорукка түк ишенбей.

Олтурдум опур-топур аламанда
Дилимде шум ажалга ыраа көрбөй...

## БИР КЛАССТАШЫМА

Чок үтүккө таптап көйнөк, шымымды,
Такыр тартпай балдар тарткан чылымды.
Купулуңа толсом дедим канчалык,
Ээ, классташ, эгер айтсам чынымды.

Майрам сайын алдыртан белек камдап,
Дүр-дүнүйө дүкөнүнөн атыр тандап.
Айбыгып алганымды бере албастан,
Өкүндүм эчен ирет тиштеп бармак.

Сыр билдирбей өзүмдү кармай албай,
Сабактан да өзүңдөн көзүмдү албай.
«2» алчымын далай сенин айыңан,
Эмне айтканын агайдын эстей албай.

А сен болсоң көптүн бириндей,
Тек жылмайып гана койчусуң.
А мен болсо такыр түңүлбөй,
Ошонуңа курсант болчумун.



## ЭСТЕ КАЛГАН БИР САБАК

Эне тилден «5» алып,
Эсебинен «2» алып,
Эчен ирет турдум ордумдан,
Эки бетим кызарып.

Болор замат танапис,
Мунун баарын унутуп.
Түр калемин Шербеттин
Тартып алдым урушуп.

Бул күнөөмө жаза алып,
Бурчка турдум тикемен.
Жүк баскандай желкемен,
Бутум талып теңселем...

Жатка айтышып ырын Барпынын,
Бүт суралды менден башкасы.
Эсте калат, эже, бул сабак,
Эч айтпачы атама, эч айтпачы...

Асыл эже, сизден ийменем,
Мектептеги эстеп шоктугум.
Азыр дале бардыр класста,
Мендей тентек бокмурун.

Баралына жетип баары бүт,
Бири инженер, бири депутат...
Эми эжеке «эң тентеги класстын»,
Өзүңө окшоп бала окутат.

## КУРБУЛАР

Курбулар ушунчалык сагынам – деп,
Ал кезде капарыма илбегенмин.
Бириңдин көңүлүңдү аламын – деп,
Бириңди таарынтканым билбегенмин.

Коштошуу кечесинде тост көтөрүп,
Курбулар туш-тарапка кеттик тарап.
Манчыркап пейил күтпөй бой көтөрүп,
Жүрөбүз ар кимибиз ишке жарап.

Курбулар, кайдасыңар ынактарым?
Үй-жайлуу болупсуңар угушумда.
Ылайым мээрман болуп аяштарым,
Ынтымак, ырыс болсун турмушуңда.



## ЭНЕ МЭЭРИМИ

Ак шоола чыгыш жактан көзгө тамат,
Айылым алп уйкудан көзүн жарат.
Аяздан ичиркенип ышынышпай,
Апалар мештерине отун жагат.

Морунан ак үйлөрдүн түтүн булап,
Асмандан бүлбүлдөгөн жылдыз кулап.
Апалар мотурайган балдарына,
Астейдил көөнү менен наар сунат.

Көңүлү аткан таңдай тилек каалап,
Жаркылдап колдо барын ыкчам камдап.
Жарыктык, энелердин мээрими ай,
Жолго да узатышат калбай жандап.

Ак тоолор турган өңдүү Күндү жөлөп,
Күлүңдөп Күн биринчи тоолорду өбөт.
Апалар күндөй сүйкүм мээрим менен
Өмүрдүн гүлазыгын бизге төгөт.

## КАЙРАТ

*(Чоң апам Нурманбет кызы Майрамга)*

Баш-аягы түгөнбөгөн тирилик,
Барган сайын оордугу билинип.
Баш-көз болгон бармактайдан чоң апам,
Баш калкалап барган чакта ийигип.

Чоң энемди, мени дагы батырып,
Чектен ашкан тентектигим жашырып.
Тике туруп, коргой алган намысын,
«Темир Майрам, мерез Майрам» атыгып.

Жездем урчу бозо ичкенде камчылап,
Шылтоо таап кечпес күнөө барчылап.
Баштан айтпай, же төркүндөн жарыбай,
Же турмушу элдей болбой жакшыраак.

Барга-жокко бирдей түтүп кейибей,
Бар тилеги жалгызына арналып.
Жашап жүрдү кайратынан бир жазбай,
Кыйналса да, кысталса да каржалып.

Угуп жүргөн уу сөздөргө уукпай,
Мага такыр жамандыкты жуутпай.

Маэ болушуп канаттууга кактырбай,
Ким болсо да шылып өтчү кылычтай.

Жүргөнүбүз үйүндө шылтоо болуп,
Жездекемдин кабагы бүркөө болуп.
Жоро ичкендер көкүтүп уруштурчу,
Жок жеринен бир күнөө түртө коюп.

Камчы тийип капилет башыңызга,
Колу оролуп жездемдин чачыңызга.
Арачалап алалбай алым жетип,
Жалбарчумун жездеме: – «Урба, урба».

Азиз энем боздочу: «Абаз балам»,
Арга жоктон келдик да. Кайда барам?
Сен урбагын сыздатып Майрамымды,
Кыбыла карап: «Оңбо» – деп каргап салам.

Кайра тартпай беттегенин беттеген,
Кайгы-муңга шаабай сууп чөкпөгөн.
Камбыл, бүйрө, катаалдыгы дагы бар,
Каршыкканын жектегени жектеген.

Карылыкты качырып айбат менен,
Кармап турган адамды кайрат белем.
Кайратына тен берип чоң апамдын,
Кайратына дилимди кайрап келем.

## ШАТЫРАП ЖАМГЫР ТӨКЧҮ, ЖАМГЫР ТӨКЧҮ

Асманды кара булут чулгап текши,
Аба үп дымыгууда жайдын кечи.
Нымтырап жаай албай үшкүрүнөт,
Буулугуп кыйналгандай дарттан эски.

Жымжырттык кулак-мурун кесилгендей,
Жүрөгүм алып учат эсиргендей.
Дилдеги жакшы ырларды төгө албай,
Толгонуп басып жүрөм уйкум келбей.

Шатырап жамгыр төкчү, жамгыр төкчү,
Саргарып жашыл белдин өңү өчтү.
Аптапка дан эгилген талаа күйүп,
Түнөрүп баба дыйкан көөнү чөктү.

Шатырап жамгыр төкчү, жамгыр төкчү.

## ЭСИҢДЕБИ, КӨЧКӨНБАЙ?

Эсиңдеби, Көчкөнбай, эсиңдеби?
Окуган кез жетиде, сегиздеги.
Экөөбүз тең кат жазып Күлүйпага,
Эки бирдей жүрөктүн эзилгени.

Эсиңдеби, Көчкөнбай, эсиңдеби?
Классташ кыз периште сезилгени.
Бирок недир кургуруң кербезденип,
Экөөбүздү жашсынтып теңсинбеди.

Эсиңдеби,Көчкөнбай, эсиңдеби?
Май айынын толукшуган кечиндеги.
Кызыл ичип биринчи кызып алып,
Классташтар кыйлага бийлегени.

Эсиңдеби, Көчкөнбай, эсиңдеби?
Окуган кез жетиде, сегиздеги.
Экөөбүз тең кат жазып Күлүйпага,
Эки бирдей жүрөктүн эзилгени...

## КӨЗ КАРАШ

Мен да шашып, сен да шашып,
Тургандырсың жумушка.
Саат тогуз,
Түк көрүнбөйт троллейбус
Убакыт жок турушка.

Аялдама
Өйдө-ылдый басып турдум,
Адатымча жер карап.

Бет алдымдан кимдир бирөө
Салам айтты  атымды атап.

Үнү тааныш,
Көзү тааныш,
Маңдайында тааныш кал.
Көз караштa
Көз арбашып,
Көз ирмемде болдум дал.

...кылт деп эске
Кыз кезекте
Сен боюңа теңебей,
Менин кара күрмөм үчүн
Жеңи узун
Келекелеп күлгөнүң.

Кайдыгер адамдай сүйлөштүк,
Жөн-жайды билдирип.
Бул не деген көз караш,
Көлкүтүп жүрөк ийиткен?
Бул кандай көз караш,
Көңүлдү жазгы күндөй жибиткен?!.

* * *

Он жетимде махабатка чалдыгып,
Оттой жанган көздөрүңдөн айбыгып.

Окуп, жаттап Омокемдин ырларын,
Ырысбайдын ырын ырдап кардыгып.

Күлгүн чактан өксүсөм да сүйүүдөн,
Жан эмесмин махабаттан түңүлгөн.
Кызды көрсөм жарк дей түшөт кабагым,
Саган окшоп жарашыктуу кийинген.

Кулдук урам махабаттын күчүнө,
Кубат берген, демөөр берген кишиге.
Кудуретке миң мертебе ыракмат,
Таттырганга сүйүү балын кичине.

## ЧЫН БОЛСО

Көңүлүмдөн чыгара албайм өзүңдү,
Себебин сен сурүштүрбө суранам.
Эгер эле бүтүндүгү чын болсо,
Сен бар үчүн бүтүн чыгаар бул Аалам.

Бакыт деген сүйүү экен бирөөнү,
Миң мертебе карааныңа айланып.
Сен Күн болдуң маңдайымда күлүңдөп,
Мен Жер болдум сени жандай айланып.

## ИШЕНИМ

Ишенгем сен да мени кыйбасыңа,
Ийигип таарынычың унутарың.
«Телефон чалдыңбы?» деп курдашыңа,
Сурапсың чыдай албай менин жайым.

Мен болсо таарынтарын таарынттырып,
Жазганга таарынычыңды жарай албай.
Өзүңө жолугушуу мындай турсун,
Сүрдөдүм сүрөтүңдү карай албай.

Билгенмин жүрөгүңдөн ийириңди,
Кечирип күнөөм үчүн бир болбогон.
Жаштыктын оомал-төкмөл шарданында,
Жаңылып, өкүнбөгөн ким болбогон?

# ДИЛ ЖАҢЫРЫГЫ

## ӨТКӨРҮП КҮНДҮН НЕЧЕНИН

Өткөрүп күндүн неченин,
Өзүмдү далай алдадым.
Кылчая карап артыма,
Тиштегим келет бармагым.

Өткөрүп күндүн неченин,
Мүнөттүн баркын түшүнбөй.
Компоюп басып жүрүпмүн,
Көп ишимди бүтүрбөй.

Түшүнүп-билип турсам да,
Өмүрдүн кымбат экенин.
Арзыбас ишке, бекерге,
Өткөрдүм күндүн неченин.

Өзүмдөн өзүм арданам,
Тымызын сызып ичимден.
Бүткөргөн ишим аз экен,
Бүткөрө элек ишимден.

## БИР ДОСКО

Үйдөгү турган китептин,
Барагын такыр ачпадың, досум.
Сурабай туруп төркүнүн иштин,
Айлыгым сурап тактадың, досум.

## «КЫРЧЫН»

Кырк беш белес ашкан «Кырчын»,
Кыргыз элге жаккан «Кырчын».
Көз мончоктой көзгө сүйкүм.
Көрүнөсүң мага «Кырчын».

* * *

Күн батыш тарап иңирде,
Кыпкызыл нурга өрттөнөт.
Желаргы жүрүп талаада,
Жайкалып арпа көйкөлөт.

* * *

Сегиз жашка чыксаң деле,
Сезилесиң кипкичине.
Эт-бетимен түшүп кызым,
Үйрүлөмүн мынча неге?..

## СЫР

Мен сени ушунчалык сүйгөн экем,
Айтып да айталбасмын тилим жетип.
Өмүрүм сенсиз өксүп өтөөрүнө,
Ишендим анығына көзүм жетип.

## АТА

Шаарым элең барсам дагы, барбасам,
Көңүлүмө медер туткан ар качан.
Көз жумгандын бири болсо башкага,
А мен үчүн орду толгус жан атам.

## ӨЗ КАЛАТ

Жакшыдан ийги сөз калат,
Жамандан төнгөн бөз калат.
Ооматың кетсе башыңдан,
Жаман да болсо өз калат.

## ТАБЫНУУ

Таткандай өмүр мүрөгүн,
Тартылып турат жүрөгүм.
Таңды-кеч ойлоп туулган жер,
Табынып дайым жүрөмүн.

## ТӨРТ САПТАР

* * *

Жакыныңдай барга, жокко тең келген,
Жакшылыкты, жамандыкты тең көргөн.
Жакшы коңшу, ырыскылаш турбайбы,
Жарты нанын керек болсо тең бөлгөн.

* * *

Жашаганга жараша бир,
Жашап өтүү керек да.
Бул дүйнөдө жашоо деген
Байлык, мансап эмес да.

* * *

Тыңшасам жүрөктүн кагышын,
Тынч албай түрсүлдөйт, түрсүлдөйт.
Тыңшасам кылымдын арышын,
Жер тургай Космосто күтүрөйт.

Өткөрүп күндүн нечөнин,
Ай-жылга келет чукулдап.
Түгөнбөй менин эртеңим,
Элүүгө келдим чукулдап.

## ЭЛЕС

Өңүмдө көргөн түшүмдөй,
Өзгөчө ынак кишимдей.
Өзүңө калдым арбалып,
Сыйкырдуу күчкө түшүнбөй.

Уздай сулуу аппагым,
Унутпай эсте сактадым.
Убара тарткан менен да,
Умсунуп сени таппадым.

## ЫШКЫ

Аптабы өтүп денеме,
Алып учат делебе.
Элжиреп кетти жүрөгүм,
Туулган жерге келгенде.

Ызгыса аппак топурак,
Ышкыма ышкы кошулат.

Жүрбөйт белем көбүрөөк,
Болгондо аттиң, бош убак.

## САГА

Көздөрүмө көрүнбөгөн кандайдыр бир,
Көңүлдө сүйүү оту тутануууда.
Көчөдө өзүң менен басканда бир,
Сеземин бараткансып кучагыңда.

Билбеймин кандай күчтүн даарыганын,
Өмүрүм өтүүчүдөй сенсиз өксүп.
Унутуп коём бачым таарынганым,
Өзгөгө кылган менен өтө көктүк.

## УНУТПАЙ ЖҮР

Тагдырдын буйругуна айла барбы,
Капилет сени мага жолуктурган.
Таанышка махабатты арга барбы,
Дегдетип тынчтык бербей оолуктурган.

Таап алган таалайыма кубанамын,
Толкунун Ысык-Көлдүн көзгө сүртүп.
Сен дагы унутпай жүр суранарым,
Турса да бизди кандай тагдыр күтүп.

* * *

Көз тойбой келишимдүү сымбатыңа,
Байкатпай карай берем кумарланып.
А сенчи, көңүл бурбай кымбатыңа,
Алагды болуп жүрдүң камыр жайып.

Бырс этип мыйыгымдан күлүп койдум,
Баягы күндөрдү эстеп шарапаттуу.
Аттандык сапарына турмуш - жолдун,
Алдыда жол азабы машакаттуу.

## ҮЙ АЗАБЫ

Үй дегенде көзүм төрт болуп,
Үй дегенде ичим өрт болуп.
Үйгө жетпей кыркка келгенче,
Үмүт үзбөйм болоор деп коюп.

Үй дегенде качат бал уйку,
Үй дегенде болдум чала уйку.
Үйү барга көзкор болгончо,
Болгон жакшы көчө кайырчы.

## ЖАН СЫР

Алтыным, маңдайымдан сыладың да,
Акырын мындай дедиң кулагыма:
«Ар дайым бактылуу бол,
Анан да көпкө жаша.
Сен эми мындан ары,
Болосуң эми мага,
Ардагым, арманым да.
Эртеңден кош айтышып,
Кетебиз эки жакка.
Дагы айтам көпкө жаша,
Кечигип табыштырган,
Таарынбайм тагдырыма,
Кантейин кайда болбо,
Кадыркеч, эстеп жүргүн,
Өкүнбөйм сүйгөнүмө,
Сүйүү не эми билдим...»

## КАЙРАН КАНЫБЕК

Кырктын кырын аша берип,
Жаны курбу, Каныбегим жайрадың.
Капилеттен мүрт кеткениң дүйнөдөн,
Күйүт салып, тиштеттирди бармагым.

Күнү бүгүн ишене албай келемин,
Түшүнө албай шум ажалдын себебин.
Кайгырамын эңшерилип кабыргам,
Жандыралбай табышмактын келебин...

ЖАН ТҮГӨЙГӨ ЖАЛБАРУУ

Төгүлгүм келди, төгүлгүм,
Теңине сендей көңүлдүн.
Таалайым чексиз экен, ээ,
Таттырган балын өмүрдүн.

Кыйышпас болдук, кыйышпас,
Кылыгың асти унутпас.
Кайыптын кызы белемсиң,
Көздөрүң кара, олоң чач.

Сыйкырың барбы арбаган?
Жан элем оңой жанбаган.
Сымаптай эрип кеткенге,
Себебин билбей таң калам.

Бооруңа кызсаң балаңдай,
Өңүм эмес, аяндай.
Бак кондурдуң башыма,
Суйкайган сулуу маралдай.

Жан элем сыры төгүлбөс,
Күтпөгөн такыр көңүлдөш.
Көңүлдү алдың ийитип,
Өмүрлөш болуп, өмүрлөш.

АКТАЙ АЛАТ

Ай-асманга жеткен менен акылы,
Түбү келип пендебиз да акыры.
Теги-жайын сүрүштүрүп бирөөнүн,
Сүрүштүрбөй терендигин мүдөөнүн.

Эч бирөөгө ойлобогон жамандык,
Ак дилинен каалаcа да амандык.
Кичине эле иши жүргөн бирөөнү,
Узатпастан тороп турат ичи тарлык.

Ичээр ашты бирөө тартып алгандай,
Ичибизге тaруу турат айланбай.
Учугубуз алда качан узармак,
Ийгиликке койгон болсок кызганбай.

Ичи тарлык жүрүп турган кандабы?
Ичи таза, айкөл пенде чандабы?
А болбосо эбак эле басылмак,
Ак, каранын айыгышкан жаңжалы.

Ойлоп көрсөм: баарынан эң жаманы,
Адам өзү баштайт тура балааны.
Бирин бири кордоп, зордоп басынтып,
Унуткарып баштагы өлүм, санааны...

Арзыбаган мансабына менсинип,
Кыр көрсөтүп көрүнгөнгө эрсинип.
Кызык эле адамдар бар чынында,
Ашка тойсо ыргыштаган желпинип.

Адам деген адамдыгын унутпай,
Алкын бузуп, шилекейин куюлтпай.
Нарк-насилден тайбай жашай алганда,
Актай алат ыйыктыгын ыйыктай.

## КҮҮ

Олтурдум комуз күүсүн көпкө тыңшап,
Керемет кайрыгына денем муюп.
Үч кылы тили бардай сүйлөйт таптак,
Кылымдын жаңырыгын сезем туюп.

Кылдарын жүрөк кандан чыйратканбы?
Каректин нуру менен сырдатканбы?
Капыр-ай, каным дүргүп делбиреймин,
Укканда «Сынган бугу», «Камбарканды...»

Капкакка кыргыз жанын жашырганбы?
Капкакка кыргыз сырын батырганбы?
Болбосо неге минтип көкүрөккө,
Кут болуп комуз күүсү уюп калды?!

## КЫЗЫКПЫЗ

Биз адамдар ырасында кызыкпыз,
Айкүр туруп айрымыбыз бышыкпыз.
Адам туруп арам ишке барабыз,
Адам даап, адам чыдап бир уккуз.

Анан дагы адашабыз акылдан,
Күмөн санап күнөөсү жок жакындан.
Колтук ачып, ичи алага ылымсып,
Өйдө көрүп... «топурагы алтындан».

А кээде баркалбастан алысты,
Артык көрүп башта сокур намысты.
Ийрисине тартып кетет колубуз,
Арабызга такыр кошпой калысты.

## НЕГЕ?

Алтын башка эмне келбейт, кетпейт да,
Эң башкысы: амандыкка жетпейт да.
Анан неге араздашат жөнү жок,
Адам, адам кадырына жетпейт да.

Чамгарактап башта бакыт барында,
Түркүк өңдүү бул дүйнөгө дайыма.
Пенде туруп неге кордойт пендени,
Бир биринен болбосо да айырма.

Пенде аттуунун башындагы бир айып,
(Баамдачы: башы чыгат кылайып).
Билбейм неге өзүмчүлбүз мынчалык,
Күлгөн менен тиш кашкайта жылмайып.

Анан дагы эң башкысы ойлосом:
Эрк өзүңдө макул болсоң, болбосоң.
Эй, көрпенде! Ишиң жылбайт илгери,
Чучугуңда ичи тарлыкты койбосоң.

## КЫЗ

Жаңы жылдын,
Жаңы аткан таңында.
Кош бойлуу келинчегим,
Жетип турган айы, күнү,
Кубандырып кыз төрөдү.

Төрөт үйдүн
Төртүнчү бөлмөсүнүн тушунда,
Маңдай жарган кубанычтан
Ырдап турдум,
Бийлеп турдум
Кычыраган кышында.

Жаңы жылда
Жарыктыкка жаңы келген,
Жан кызымдын көрүндүгүн
Ак халатчан,
Ак оромол орогон,
Алсын киндик энеси.

Жаңы жылдын,
Жан кызымдын
Атын Үмүт коёлу.
Кана, достор,
Ошон үчүн ушул тостту

Ак көтөрүп коёлу.
Бири куттун жылы болсун,
Бири элдин
Кызы болсун.
Жандүйнөнү шоолапанткан
Жакшынакай үмүт болсун.

* * *

Айдай кызым Ай сунам,
Күндөй кызым Күн сунам.
Күлүп өмүр сүрсүн – деп,
Жаңы ачылган гүл сунам.

Баткан Күндү тийгизем,
Жылдыз токуп мингизем.
Көз артпасын көзү курч,
Нурдан көйнөк кийгизем.

Жарыштырам жел менен,
Теңештирем көк менен.
Узун өмүр жашагын,
Уюткулуу эл менен.

* * *

– Өзүңдөй сулуу кыз барбы? – десем,
– Жок, – дейсиң кызым. – Жок – дейсиң эркем.
Элжиреп жүрөк, эзилип кетем,

Унутуп коюп жашаган келем.
Дүйнөнүн чексиз кыйырын кезип,
Өзүмдү өзүм бактылуу сезем.

* * *

Бала туруп бала жасап ойногон,
Бала туруп бала камын ойлогон.
Жандан артык жаралабы кыз деген,
Кылыгына жүрөк балкып тойбогон.

«Атакелеп» өпкүлөсө бетимен,
Элжиреймин, делбиреймин эзилем.
Телегейим тегиз болуп заматта,
Теңдеши жок таалай менен кезигем.

## ОЙНОГУМ КЕЛЕТ БАЛАДАЙ

Балам менен ойногум келет баладай,
Унуткарып тириликтин мүшкүлүн.
Койчу жарым, таң калгансып карабай,
Чарчап келдим жаңы бүтүп иш күнүн.

Коё турчу, майда-барат иш бүтөр,
Балалык чак кайталанбайт экинчи.
Түк арыбас аргымагың болоюн,
Кана, уулум, моюнума секирчи.



Балам менен ойноп алсам баладай,
Бакыт кушу коно калат ийинге.
Баёо карап бул дүйнөгө баладай,
Байыр алат мөлтүр сезим дилимде.

Балам менен ойноп алсам баладай,
Өмүрүмө өмүр кошуп жашарам.
Жарыктыкка арта түшүп кумарым,
Жаным жыргап бир башкача тазарам.

* * *

Көпкө жаттым ойлонуп,
Эстеп өткөн убакты.
Уктай албай толгонуп,
Эңсеп тентек куракты.

Көздөн кайым жылт коюп,
Көлдө чабак урчубуз.
Кумга жатып кактанып,
Ысыганда турчубуз.

Курсак ачын карабай,
Кеч бешимде тарабай.
Аркандалбай уй, музоо,
Анда бир жеген таяк ай!

## ТУУЛГАН ЖЕР

Туулган жер ыр сабына батыра албайм,
Жүрөк даал антүүгө да батына албайм.
А бирок ак дилимди сага деген,
Тымпыйып көкүрөккө жашыра албайм.

Саптарга жылтыраган жетеленип,
Сап курап аша чаппайм экиленип.
Сезимге уюп калган өчпөс болуп,
Саматат туулган жердин жыты келип.

Жабылып жашы дебей, кары дебей,
Тууган эл жалырт чыгат чөп чабыкка.
Түнкүсүн эс алуунун камын жебей,
Жаштары оюн курат ай жарыкта.

Берешен талаа ыңкып алтын данга,
Жайкалат туулган жердин жайда куту.
Токчулук каниет берип ар бир жанга,
Каңылжар өрдөйт бейпил күздүн жыты.



## ТАҢ

Таң сүрүп шоола чачырап,
Ар бир үйдө терезе ачылат.
Ошентип өмүрдүн ар күнү,
Таңдагы тириликтен башталат.

Көк асман кызыл нур чулганып,
Торгойлор таң менен үн кайрып.
Керимсел айдарым желаргы,
Көңүлдүн күүлөрүн миң кайрып.
Кутмандуу таңында ак жайдын,
Кубанам ак нурга жүз чайып.

## КОРГОН-ТӨБӨ

Көрүнөт көзгө байыр бай түп терек,
Көп турдум бай терекке кадап карек.
Калыптыр кашаттагы эски аткана,
(Анын да эскилиги жеткен жедеп).

Бир там жок ошондогу жапыз тамдан,
Шыптарын кара аары уялаган.
Жаздагы ак жаанга нөшөрлөгөн,
Ак топурак шыбагы көчүп калган.

Анда да ушул мезгил – жазгы көктөм,
Арадан он жыл өттү санап көрсөм.
Ошол түн унутулбай эсте калды,
Көнөктөп жамгыр төккөн, жамгыр төккөн.

Алоолоп биз жаккан от көпкө өчпөй,
Корголоп үй-үйлөргө тарап кетпей.
Ырдадык тегеренип улуу отту,
Шөмтүрөп суу болсок да ичиркенбей.

## АТА

Жүрөгүм булкуп катуу сайгылашат,
Чабалактайм көрүнөт көзгө жаным.
Демейдеги нес уйку кайда качат,
Иш үстүндө кайра-кайра мүргүтүп,
Шаштымды алган менин дайым.

Жаңы уктаган жан кызымдын,
Уурту бүлк-бүлк этет.
«Түгөнсө эгер капилеттен,
Ичээр суум, татаар наарым.
Түгөнгүр, тороло элек кызым кантет?» –
Деген бир күтүлбөгөн күдүк ойго,
Ого бетер туталанып тынчым кетет.

Тилеймин бир Теңирден,
(Мен деле пендемин да)
Бергин деп түйшүк түмөн.
Көртирилик абыгерин көтөрөйүн,
Бир кыңк этпей баарына макулмун мен.
А бирок эч акым жок эрте өлүүгө,
Анткени уул-кызга атамын мен.

Ушул ойго кайра шерденип,
Жанымдын кыйналганын унуткарып.
Күндөгүдөн кызматка эрте келип,
Иштей баштайм күжүлдөп шымаланып.
Эл ичинде эсен жүрүп бакубат,
Ата болуу балага кандай бакыт.

## АЗАТТЫКТЫН АЗАТЫ

Азатым болдуң акжолтой,
Артымда турган сан колдой.
Алдырам десе апакең,
Алдырбай койгом мен болбой.

Кыркымда көргөн чырагым,
Көңүлгө тетөк кылаарым.
Көз жумуп кетсем дүйнөдөн,
Көз жашын төгүп тураарым.

Атыңды койдум ырымдап,
Азаттык болсун кылымдап.
Азатка жетпей канча муун,
Арманын айткан чырылдап.

* * *

Тойтолоңдоп жаңы баскан кичинем,
Миң кайталап кагыламын ичимен.
Көкүрөккө сыйбай келет сагынчым,
Келгичекти сегиз саттык ишимен.

## КӨҢҮЛГӨ ШЫПАА

Келгеним жок кактанганы, күйгөнү,
Келгеним жок үлпөт куруп күлгөнү.
Келдим Көлүм шыпаа издеп көңүлгө,
Көздөн учуп ак толкундар түрмөгү.

Келдим Көлүм келгендердин бириндей,
Октой учуп өттү күндөр билинбей.
Кыйырыңа көз чаптырып Ысык-Көл,
Кымбаттыгың анык сездим энемдей.

Ысык-Көлүм чынында эле ысыксың,
Денемди эмес, жан дилимди ысыттың.
Кыргызымдын карегисиң калкагар,
Качан болсо ыйыгысың ыйыктын.

Чабак уруп көпкө деле түшпөдүм,
Бирок көпкө көзүм тойбой тиктедим.
Айлуу түндө караан болуп жаныңа,
Айланчыктап таң аткыча кетпедим.

Сан кылымдар тыным албай шарпылда,
Касиеттүү Көлүм качып тартылба.
Кемчил болсоң агын суудан кошулган,
Агын сууну буруп келем аз жылда.

## ТУРДУМ ДЫМЫП

Көкүрөк барда, көз барда,
Көрүү парз Көлдү бир ирет.
Олтурсам карап жээгинде,
Ак толкун болуп кубулуп,
Чоң энем көзгө көрүнөт.
Анан чыгып жээкке,
Минтип айтат күбүрөп:
«Жарыктын билгин кадырын,
Жан Көлүм менен жатырым.
Сыйласаң өлгөн арбагын,
Түкүрбө Көлдүн бетине.
Сындырба шише четине,
Унутпа барын өлүмдүн.
Эртеби-кечпи келесиң,
Эртерээк келгин эсиңе».

Ак толкунга тооп кылып,
Көл шоокумун жоок кылып.
Аркы-берки ойго түшүп,
Көл боюнда турдум дымып...

## КӨЛ ШООКУМУ

Көл шоокуму, Көл шоокуму,
Кулак курчун кандырат.
Көл кыйыры көз жетпеген,
Кош каректи талдырат.
Күн батаарда кызыл нурга,
Көлдүн бети чайылат.

Көл шоокумун, Көл шоокумун,
Тыңшайм, тыңшайм берилип.
Касиеттүү Ысык-Көлүм,
Жатат чалкып, керилип.
Көл жаныбар коргошундай көлкүлдөйт,
Ала салган толкуну жок ээлигип.

Көл шоокуму, Көл шоокуму,
Эмне деген керемет?
Дил тазарткан, жан жашарткан,
Сенде кандай касиет?!
Көл шоокуму, Көл шоокуму,
Көңүлүмө шыкак берип эргитет.

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көл, ырайым кыл, тартылбачы,
Ысык-Көл, тыным албай шарпылдачы.
Ыймандай сырымды ук, бермет көлүм,
Кебим бар көкөйүмдө кейип айтчу.

Ысык-Көл, маарый берип жыргалыңа,
Ысык-Көл, маани бербей кууралыңа.
Кутуңду кумдай чачып эсирдик ко
Карабай жан-жаныбар убалына.

Ысык-Көл, кош каректей сактабадык,
Ысык-Көл, аспиеттеп барктабадык.
Байралып келгин куштай күзгө дейре,
Кетебиз анан сени таштап алып.

Ысык-Көл, куну жогуң билип туруп,
Ысык-Көл, тартылганың көрүп туруп.
Баарыбыз азгырылып убайыңа,
Кунарыңды учурдук ниет бузуп.

Ысык-Көл, кечирилгис күнөөм кечир,
Ысык-Көл, эми кылбайм сага кесир.
Ыйманым бул антыма болсун кепил,
Ысык-Көл, кечирилгис күнөөм кечир.

Ысык-Көл көз көрүнөө тартылууда,
Ылдыйлап жээкти өйдө калтырууда.
Калайык карагыла, качкан көлдү,
Таңсык болуп кошулган агын сууга!

## КАРА ДЕҢИЗ КАЙРЫКТАРЫ

Көзгө сүртүп, туздуу суусун ырымдап,
Кубанычым сыйбай турду ичиме.
Кара деңиз сан кылымды карыткан,
Сыйып турду жүрөгүмө кичине.

Тагдыр экен, күтүүсүздөн туз буйруп,
Кара деңиз жолугуштук бетме-бет.
Кара деңиз кайрып бердиң шыгымды,
Кылыктанган кыз баладай эркелеп.

* * *

Кара түн түшкөндө,
Башына элдин.
Каран күн калгыр,
Кашайып неге келдим?
Эгерим бир келбеген,
Жээгине Кара деңиздин.
...Окудум суук кабар:
«Кан төгүлдү,
Ошто» – деген.

Оюм онго,
Санаам санга бөлүндү.
Ойго келбей,
Ойноп күлгөн.
Ок атышып эки тарап,
Кыз алышып, кыз беришкен.

Оо, калың журт, агаин!
Кайда ынтымак – улуу ырк,
Алмустактан бирге келген?
Кан төгүүгө эмне себеп?
Кан төгүлдү эмнеликтен?!

Сурданба Кара деңиз,
Толкунуң жээкке уруп.
Ансыз да араң турам,
Амалым менин куруп.
Сыздатты суук кабар,
Алгандай жүрөк сууруп.

Элге окшоп бийлебедим,
Тост көтөрүп сүйлөбөдүм.
Жегеним желим болду,
Румынияда жүргөнүмдө.
Түк эч кимге үндөбөдүм,
Оюн-зоокко чаппай көөнүм.

Каралдым, Кара деңиз,
Кайгырып турган чагым.
Жээгинде турган менен
Жеримде менин жаным.
Кулагым такыр укпайт,
Калгандай токтоп каным.

Кулак сал, Кара деңиз,
Элим бар пейили кенен.
Сан кылым каарына
Кебелбей, сары майын
Конокко сактап берген.

Үч миң жыл бирге жашап,
Үрөйүн бузган эмес.
Тапканын тең бөлүшүп,
Түк катып көнгөн эмес.
Төрт түлүк бирге жайлап,
Жайытын бөлгөн эмес.

Кыргыздын сырын алтан,
Кызыгып кынык алган.
Кыз тургай, жерин ээлеп.
Ата мурас келаткан.
Кыйдылар чектен ашты,
Беш манжасын бирге салган.

Каралдым, Кара деңиз,
Каржалды кыргыз көптөн.
Шаарынан үй алалбай,
Сүрүлүп тоого кеткен.
Келгиндер келе берип,
Ош, Бишкек толуп кеткен.

Кана, айтчы Кара деңиз?
Кайышпай кандай кылам?
Канчалык кайрат кылсам,
Кайышып кайра сынам.
Көңүлгө төтөк таппай,
Солкулдап ыйлап турам.

Мал менен мал болгонго арданганбы?..
Же балким, бузукуга алданганбы?
Жумушсуз көчө таптап калса кантет,
Кыргыздын жигити да, кызы дагы.
Катталбай калаасына он-он беш жыл,
Кыргыздын жигити да, кызы дагы.

Кыргызга ыраа көрбөй кыргыз жерин,
Кыргызды кыргыз келди басып демин.
Кызматка туруп алган «кыйын» маңкурт,
Кыйланын эсебинен жеди «жемин».

Ойлоймун: кызыл билет, жашыл акча,
Шору болду теги бирге эки элдин.

Мансап тарап күчтүү бекен?
Акча тарап тиштүү бекен?
Сүр көрсөтүп бир бирине,
Тирелишүү чыкты чектен.
Намысына доо кетирип эки элдин,
Кайраштырды бузукулар ыркы кеткен.

Кедейлиги жедеп жетип басынган,
Тагдырына жаны кейип ачынган.
Тоолукта да, челдүктө да күнөө жок,
Аздык кылат айланса элдей асылдан!
Тукурушуп кызуу кандуу жаштарды,
Чагымчылар чыгарышты акылдан.

– Эл менен эл касташканда,
Кан төгүлөт кулунум.
Сай-сөөгүм сыздап айтып,
Түшүнтө албай курудум.
Канча элдин кан төгүшкөн,
Көз жашымын, муңумун...

Кара деңиз аталып,
Кан төгүлүп боюма,

Кайгы-муңга түткөмүн.
Качан, кайда болбосун
Бар жакшылык күткөнүм.

Эсен баргын элиңе,
Кайраттуу бол, кейибе.
Ырыс алды – ынтымак,
Ынтымакка келгиле.
Атышкандай ок менен,
Жетпей жатат эмине?!

* * *

Жер кыдырып,
Эл кыдырып жүргөндө.
Жердин шартын,
Элдин салтын билгенде.
Ак тилекти,
Ак ниетти белгилеп.
Дасторкондон жайылган,
Наар ооз тийгенде.
Кылт дей түштү,
Кызым эске.
Күтүүсүздөн билбейм неге?
Деңиз жээги. Ысык кумда
Ысылабай түк эч ким,
Дүйнө капар.

Жаны жыргап магдырап,
Шарпасына деңиздин.
Кулак курчун кандырат,
Сууга түшкөн
Көгөргөнчө ээги,
Уулумду эстеп негедир.
Турдум жалгыз жалдырап.

## АЧКЫЧ

Ачкыч берип, ачкыч алып өзүңдөн.
Айланчыктап кете албаймын жаныңдан.
Айланганым аздык кылар көзүңдөн,
Румын кызы Клавдия асыл жан.

Ачкыч берсең колуң колго урунуп,
Колуң эмес ток ургандай туюлуп.
Күлүмсүрөп карап койсоң Клавдия,
Мээр болуп дене-бойго куюлуп.

Клавдия, асыл жансың сеземин,
Кирпик какпай түн уйкудан кечемин.
Кумдай кылып Кара деңиз жээгинде,
Айыбы бардай жүрөгүмдү эземин.

Колуңдагы ачкычы эмес бөлмөнүн,
Арзуум менин арнап сага бергеним.
Клавдия, сени унутпайм эч качан,
Көп болсо да мында менин көргөнүм.

Тилиң билбей кендир турат кесилип,
Жан сырымды айталбастан чечилип.
Түшүнсүн деп арзыганым өзүңө,
Жал-жал тиктейм боор этим эзилип.

Бир жакындык жалгаштырып салды да,
Жан тынчымды күнү-түнү алды да.
Кайып кыздай Клавдия элеси,
Карегиме кадалды да, калды да...

*Румыния, Констанция шаары,*
*1990-жылдын июнь айы.*

## ЭНЕ ТИЛИМ

*(Лиро-публицистикалык поэма)*

Эл туруп, эне тилин унуткан бар,
«Эл безер» атка конуп куруткан бар.
Эненин сүтүн эмип, тилин билбей,
Эненин ичине кан уюткан бар.

Элинин элдигине башын ийбей,
Эненин тилин билбей, дилин билбей.
Эргулдар көбөйдү го көктөн түшкөн,
Эли үчүн, энеси үчүн жаны күйбөй.

Элинин теги-жайын сүрүштүрбөй,
Элинин каада-салтын көзүнө илбей.
Ээлигип күмбез көрсө, мечит көрсө,
«Атеист» аталды бейм арсыз түркөй.

Энчисин талашкансып Бабур буба,
Эмне эле өчөгүштү анча буга.
Уратып тынышты го Бабур үйүн,
Арбакка шек келтирип эл алдында.

Жагынып «эл достугун» бетке кармап,
Жанкечти түптүү элди жүрдү алдап.
Жазасын алды акыры кеткет келип,
Жанын жеп, жан соогалап кайда бармак.

Камчы чаап абийириме айтпайм жалган,
Кыргыз бар кыргыз тилин билбей калган.
Кайгы жок каран калгыр мындан өткөн,
Билгенге мындан оор болбойт арман!

Элимдин билип алып момундугун,
Ээлешкен жакшы кызмат орундугун.
Эчен бир эл бузарлар тагдыр чечти,
Тукуруп бир-бирине Оңу, Солун.

Не тапкан кайраштырып, эгештирип,
Чынарга чырпык талды «теңештирип».
Чыркырап чындыкты айткан күйүп кетти,
Түбүнө көздөй көргөн «досу» жетти.

«Тил – тилге сиңет» дешти ооз толо,
(Жазылды ар кай жерге коздоло).
Билсе да иштин жайын бүшүркөштү,
Саксынып бир биринен коoптоно.

«Экинчи эне тил» – деп ыман жедик,
(Экинчи эне болбойт, өгөй делет).
Өз тилде сүйлөй албай жыйындарда,
Өкүндүк башбармакты кесе тиштеп.

Баш калаада бала бакча ачылбай,
Аны ачууга бел байлабай, батынбай.
Башын жерге салып жүрөт кээ бир чоң,
Бригадирдин арып бүткөн атындай.

Өз тилинде окутууга баланы,
Ата-эне кабарганча таманы.
Орун таппай ындыны өчтү акыры,
Жөө кыдырып чыгышса да калааны.

Шарт-жагдайды көрүп туруп оңдогус,
Кара күчкө байкамаксан болобуз.
Келэкеден корко берсек корунуп,
Билбейм деги кантип, качан оңобуз?!

Бетке кармап теңдемечил жобону,
Башын ийип, таазим этип «жогору».
Баласына сүйлөбөстөн кыргызча,
Барк албаган эне тилин оңобу?!

Актоо керек эне сүтүн оболу,
Мына ушул соболдун да соболу.

Каргышына кала көрбө эненин,
Белгилүү го арты кандай болору.

Эне тилдин тагдырына жаны ачып,
Эне тилдин тазалыгын талашып.
Тилдин тилге тийбестигин залалы,
Төкөм канча түшүндүрдү жаны ачып.

Буга болбой коргошундуу камчы алып.
«Улутчул» – деп бүт дүйнөгө жар салып.
«Улут безер» сүр көрсөттү дембе-дем
Жети атадан калган өчү барчалык.

Өз жеримде өз тилимде сүйлөнбөсө,
Дос дегендер тилимди үйрөнбөсө.
Өзөгүндү өрттөйт экен анан да,
«Булганган» – деп керооздор кесирленсе,

Таарыйт экен таарыныч жүрөгүндү,
Ишенгениң күмөн санап шектенсе.
Кандай гана жакшы болоор эле го,
Кайраштырган ичи ала мерттенсе.

Басынбайм жектесең да, кектесең да,
Басмырлап укугумду чектесең да.
Баары бир өз тилимде сүйлөй берем,
Дүйнөлүк статуска жетпесе да.

Өгөө болуп өгөй берет дайыма,
Күндүр-түндүр тынчтык бербей жаныма.
Эки дүйнө унутууга акым жок,
Эне тилди сиңген каны-жаныма!

Эне тилим эчен кылым карытты,
Күбө тартам күжүлдөгөн тарыхты.
Кыргыз эчен кыйын-кыйын кезенде,
Кыл чайнашып, кылыч суурул чабышты.

Эне тилим эчен кылым карыткан.
Эч ким аны өчүрө албайт Тарыхтан!
Эне тилим – эстелигим урабас,
Келбес жайга кетсем дагы Жарыктан.

## *АРНОО ЫРЛАРЫ*

### ТЕЛЕГЕЙИ ТЕГИЗ ТЕҢ

*(Темиркул Үмөталиевге)*

Аксы элинин кулуну эле,
Акын калктын дулдулу эле.
Сексен үч жаш өмүр сүрүп,
Сегиз жашар бала сымал.
Дили таза, ниети ак,
Жандан башка бир жаралган.
Айкөл, асыл кайран абам!
Жыл айланды көз жумганга.
Жүрөк сыздайт, муунум бошоп,
Орду толбос жоготууга таппай арга.

Ыр сапарга аттанарда,
Ак батасын алган элем.
Акын-Адам мүрт кеткенде,
Жаным ачып бир кейигем.
ТЕМИКЕМдей телегейи тегиз тең,
Эрте-кечтир чыгаар бекен жеримен?!
Жети кылым өтсө дагы,

Жанар тоолор өчсө дагы,
Жанбай такыр жаштык демден,
Алыстабай ыр жандуу кыргыз элден,
ТЕМИКЕМдин түбөлүккө жашарына ишенем!

## ЫР БААТЫРЫ

*(Сүйүнбай Эралиевге)*

Эл акыны Эралиев Сүйүнбай,
Эли-жерин, аздектеген ырындай.
Эки майдан маңдайына туш келип,
Ок жаңылып, кырчын өмүр кыйылбай.

Кан майдандан ажал бүркүп ок учкан,
Арбак колдоп аман кайткан согуштан.
Үч мертебе өлүп кайра тирилип,
Согуш тагы тула боюн ооруткан.

Таятадан канга өткөн көрөңгө,
Саресепти салдырды тээ-тереңге...
Ышкы отун алоолонтуп махабат,
Жолуктурду Соң-Көл, Ак Мөөргө...

Ашык болуп Ак Мөөргө Болоттой,
Ак сүйүүнү ырга айлантты жомоктой.
Жанын сабап тартып ырдын азабын,
Көрө албастар күңкүлдөшсө тоотпой.

Саптарынан кынтык таппай кылчалык
Поэзия сыйкырына суктанып.
Жашырып не, ырым кылып чынында,
«Ак Мөөрдү» башка жаздап уктадык.

Жан-дүйнөдө үмүт өчпөй кылактап,
Жаштык курак кеткен менен ыраактап,
Жакшы ырларды жазып жанбай кайраттан,
Ыр сепилин куруп чыкты кынаптап.

Алганга эмес, бергенине сүйүнүп,
Тагдырына кыла билген шүгүрлүк.
Жан адамга түк айтпаган кылапат,
Балким, ушул акындагы Улуулук!

Ырдан тапкан бактысына мактана,
А чынында каны дүргүп апкаара.
Сүйүндүргөн кыргыз элди ыр менен,
Сүкөм, чыны ыр Баатыры дапдаана!

Тоого, жерге, кыргыз элге сыйынган,
Ырын окуп, мен акынга сыйынгам.
Ал анткени жоокер болгом мен дагы,
Мекен жүгүн аркалаган, туюнган.

Ыр майдандын Баатырына тилегим:
Сексен эмес, Кылым жашап карыбай!

Кайрып, үйрүп кайберендей ырларды,
Жаза берсин ылайым эч арыбай!

Сексен эмес, Кылым жаша, ылайым.
Кайрат, күчтөн айрыбасын Кудайым!

*Арашан, 2001-жыл.*

## АСЫЛ АДАМ

*(Жунай Мавляновго)*

Аркыттын гүлүн тергенсиз,
Алпейим кызга бергенсиз.
Катылган канкор душмандын.
Катыгын колго бергенсиз.

Асмандын каалап ачыгын,
Айттыңыз ойдун ачыгын.
Аксы эмес, жамы журт билген,
Айкөлүм, абам асылым!

Ыраазы болгон дилинен,
Көп адамдын бири мен.
Жакшылык үчүн сиз кылган,
Жан атамдай ийилем.

Адамды аяр караган,
Адамды сыйлап аяган.
Адам деп согуп жүрөгү,
Адамды сүйөп-таяган.

Жаштыктын жазбай сынынан,
Кебинин кайтпай чынынан.
Кебелген эмес жүз карап,
Жылдарда деле дымыган.

## АТА

*(Чыңгыз Айтматовго)*

Жабыркап жалган жалаадан,
Жан ата чыкпай санаадан.
Үмүттү үзбөй «келет» – деп,
Таңды-кеч жолду караган.

Атанын мээрин күсөгөн,
Арманы артып күчөгөн.
Ак жерден кеткен атага,
Ак жерден күйүп түтөгөн.

Тотугуп тогуз жашынан,
Турмушка бышып башынан.

Уурдалган күнү жалгыз уй,
Ызага муунуп жашыган.

Каракыз апа багына,
Ала бир жүрүп жанына.
«Боорумдан калган туяк» – деп
Бооруна кыскан кагыла.

Атага наалат келтирбей.
Атак-даңкка эсирбей,
Жупуну, сылык... дагы эле,
Каржалып жүргөн кезиндей.

Балага ата шам чырак,
Андыктан бала тартылат.
Тагдырын ойлоп атанын,
Таш кесип жүрөк жанчылат...

## ТАРЫХТЫ ЭЧ КИМ ТАНАЛБАЙТ

*(Төлөгөн Касымбековго)*

Санжыра сүрүп жашынан,
Билгилик жайы башынан.
Сакадай бою сары алтын,
Тарыхтын сырын жашырган.

Өмүрүн арнап өнөргө,
Тынчытпай жанын көрөңгө.
Үзүлгөн жипти улады,
Үңүлө тиктеп тереңге.

Каралашпай жан адам:
– Кетет, – деп – эми согулуп.
Ошондо деле басынбай,
Тагдырга тике караган.

Тарыхты тануга болобу,
Тайсалдап жүзүнө карабай.
Талантты кордогон оңобу,
Колдоого, сүрөөгө жарабай.

Таланттан талант элеген,
Тарыхтын өзү тилеген.
Тарыхка сайган өмүрүн.
Таланттуу агам Төлөгөн.

Сындырган Кокон кылычын
Сыймыгым, Төкөм, ырысым.
Тарыхты эч ким таналбайт
Тарыхта калат бул ысым.

## АКЫН

*(Байдылда Сарногоевге)*

Ырдын жазып жакшысын,
Ырдан тапкан бактысын.
Ыр дербиши – Байдыкем,
Акын калктын алпысың.

Ыры үчүн кубанган,
Ыры үчүн кубарган.
Ыры болуп ыйманы,
Ыры атын чыгарган.

Ыры ыйык тумары,
Ыры жандын кумары.
Ышкы отун тутантат,
Ырдан курган мунары.

Аганын алган батасын,
Аганын алган катасын.
Акындын болгон акыны,
Байдыкем көпкө жашасын.

Эгизи болгон ырына,
Элинин толгон сынына.
Эргиген акын Байдыкем,
Экөө эмес чынында.

## АГАЙ

*(Октябрь Революциясы орденинин ээси*
*Нажимидин Мусаевге)*

Башкалардай дем алыш күн күтпөгөн,
Таңдан-кечке жумушу көп бүтпөгөн.
Балдар менен жүрө берип алаксып,
Убагында ысык чайын ичпеген.

Башкалардай жандын тынчын качырбай,
Ишке жөнөйт жайдын таңын атырбай.
Бооруна тартканы үчүн ийигип,
Балдар дагы сырын айтат жашырбай.

Башкалардай той-топурга баралбай,
Жадагалса короо-жайы каралбай.
Бала десе бал уйкусун унуткан,
Болгум келет Нажимидин агайдай.

Башкалардай каада күтүп чырайбай,
Башка иш түшсө кабырылып муңайбай.
Калыбынан жазбай жүргөн бир сырдуу.
Болгум келет Нажимидин агайдай.

Жатка билген миң баланын ысымын,
Жакшы көргөн жоошун да кычымын...

Өз атадай ар бирине үйрүлүп,
Бир көтөргөн суугун да ысыгын

## КҮЙҮТ

*(Бузинат Исановага)*

1.

Сыймыктанып Сиздей адам барына,
Сыртыңыздан көзүм тоюп жүрчү элем.
Солкулдаган жигит кезден созулган,
НАСЫКЕМдин сылыктыгын билчү элем.

Сыздап, сыздап суук кабар укканда,
Дүйнө кечүп, тегеренди көздөн жаш.
Ансыз дагы аз эле го кыргызда,
Телегейи тегиз келген алтын баш.

Жылдызыңыз дайым турчу төгүлүп,
Жаш-карынын жандүйнөсүн ийитип.
Жол кырсыгы күтүлбөгөн шойкомдуу
Жамы журтту кайыштырды кейитип.

2.

Оо, калың журт!
Бүтүп эки кулагым.

Киши колдуу болуп
Султан куланым.
Тула-боюм ысып
Күйүп-өрттөнүп,
Күйүтүмө арга таппай турамын.
Пендем десе,
Пендем десе Жараткан,
Мендей кылып
Эч бирөөнү,
Сыздатпасын, боздотпосун ылайым!

Оо, калайык калдайган!
Кантип коём Жер алдына.
Он сегизге толгон жаңы,
Аскер кетмек май айы.
(окууга да өтпөй койгон
ошон үчүн атайы),
Кантип коём Жер алдына.
Кандан бүткөн,
Жандан бүткөн баламды.

Оо, калың журт!
Акыркы ирет маңдайынан өбөйүн.
Көз жаш эмес, мээримимди төгөйүн.
Ыраазымын, ак сүтүмдү кечемин,
Ыраазы бол, кагылайын кулунум.

Ким болсо да сени өлтүргөн,
Кээри урсун муңумдун!

## АКЫНДЫН АСИРЕТИ

*(Жолон Мамытовго)*

Күнү бүгүн көз алдыда элеси,
Кадимкидей күлүп-жайнап жадырап.
Сыймыктанар акын Жолон агадан,
Капилеттен калдык бөөдө ажырап.

Жазда келген жарык дүйнөгө,
Жаздай эле жарык кабагы.
Жанын сабап жарык дүйнөдө,
Жакшы ыр жазып майнап чыгарды.

Жаш баладай бапыраңдап сүйүнгөн.
Майрам болуп сапты тапса ойдогу.
Өйдө көрүп ырдын баркын дүйнөдөн,
Ырга берген жылуулукту бойдогу.

Айтып, айтып акын тагдырын,
Арга жоктон түтөйт каңырык.
Айла таппай өксөп калды го,
Атпай кыргыз жүрүп жабылып.



Жазда келип, жазда кеткенге,
Жетелеги көп болгондон жеткенге.
Кабырганы кайыштырды... кем дүйнө.
Жарк! – деп жанып, Жалп! – деп өчкөнгө.

Кырк сегизден кырк тогузга карамак.
Өмүр шамы өчпөй турса бир айга.
Кыргыз элдин намысына жарамак.
Оорусуна эптеп тапсак бир айла.

Амандыгын каалап, тилеп кылымдын
Ак дилинен айтып өттү асирет.
Куйругу бар жылдыз сымал сызды да
Кайран Акын, кете берди акырет.

Алды-артты караганга чолоо жок,
Ыр кербенин баштап жүргөн Жолон жок.
Кана, кана ким батынат алдыга,
Кербен башы кебелбеген Жолон жок.

Кайран Акын, ыр Сепилин тургузган.
Чыгып-чыкпай эр ортону элүүгө...
«Аалам кезип, айланыштуу жол менен»
Айланып бир келсе боло өмүргө!

## ЫРЫСБАЙ

Ырдан тапкан: ырыскысын, байлыгын,
Ырдан тапкан: жүрөктү эзген кайгы-муң.
Ырысбайсыз эңшерилип ырдүйнө,
Топук кылып жанга жагым кайрыгын.

Ырдап келип, ырдап кеткен Жарыктан,
Сый-урматты көрбөй же бир жарыткан.
Ышкы отуна күйалбастык суу бүркүп,
Ындыны өчүп, дарты ырбады айыккан.

Ырысбайдын ырысына ич тарып,
Ыйлаттырдык шолоктотуп карыптай.
Ырдап, ыйлап өтүп кетти дүйнөдөн,
Жарк деп жанып, «жалп» деп өчкөн жарыктай.

Көзү өткөн соң бармак тиштеп өкүнүп,
Кайгыргансып каракүчкө өкүрүп.
Көзү барда кылбаган соң жакшылык,
Кереги не түштөн кийин бөөшсүнүп.

## ЭРТЕҢ МАЙРАМ

*(Агам Азырарга)*

Эртең майрам,
Эл агылат,
Туш-тараптан.
Борбордук почтампка
Бири чыкса
Ону кирип.

Эртең майрам,
Адатымча дагы келдим.
Борбордук почтампка
Өзүңүзгө жибергени
Куттуктоо телеграмма.

Эртең майрам,
Арнап жүргөн
Ак тилекти
Ак баракка
Жаздым араң.
Каңырыгым түтөдү
Күйүт мыкчып жүрөгүмдү.

Эртең майрам,
Эми кимге жиберем телеграмманы

Адреси жазылбаган
Тып этип
Көз жаш тамган...

## ЖАН АРМАН

*(Казак бауурым Кудайбергенге)*

Топук кылып шыбагама берилген,
Жакшылыкты күтүп жалаң Теңирден.
Жашап жүрөм кара жанды карч уруп,
Күндөрдү эстеп жеңиштүү да, жеңилген.

Тагдыр мени сылаган жок маңдайдан,
Эне сүтү кетелекте таңдайдан,
Тула бойду тепчип өттү суук сөз:
«Элиң, бөлөк, кеткин келсең сен кайдан».

Жанга баткан таарынычка теригип,
Иңир ченде жолго чыктым ээлигип.
Көздөн учул кең талаасы казактын,
Камчы чаптым чобур атка теминип.

– Кудайымдын бергени Кудайберген.
Кагылайын, кетпегин куттуу жерден, –
Деп апакем он салаа жашын төктү,
Балакатка жеткирип сүтүн берген.

Үнүн угуп каргылданган апамдын,
Ат тизгинин араң тарттым кыйылып.
Элес-булас өңүн эстеп атамдын,
Жолуктур деп Жаратканга сыйынып.

Такыр өчпөй бүлбүлдөгөн үмүтүм,
Көз тешилди жолду карап күнү-түн.
Сурамжылап табалбадым дайыныңыз
Өлгөн жоксуз, сезем ата тирүүсүз!

Сексен жашка сабыркап барса дагы
Куудай болуп кара чач калса дагы.
Ой-санаасын санга бөлөт апамдын
Көңүлүндө жашаган бир Казагы.

Шамураттын калтырган белеги – деп.
Тараганда таарынычы келеби – деп.
«Кеткин казак, тентиген кеткин» – деген
Инилерин апакем каргап келет.

Жетейин деп апакемдин баркына,
Он төрт жаштан түштүм малдын артына.
Кызыл-Белес кышы-жайын түнөгүм,
Бекем туруп берген ыйык антыма.

Тагдырыма таарынбайм да, мактанбайм,
Күнөөм жок деп карганбайм да, актанбайм.

Каршыгышкан касымды түк аябайм,
Жазыгы жок жан адамга чап салбайм.

«Ичет» – дешет, табылганын ичемин,
«Кызыгына» ким кызыкпайт шишенин.
Ушак айтып, ууру-кески болгончо,
Жакыр жашап, таза болсун ишеним.

Алыс-жакын экенине карабайм,
Битти сыгып, канын кайра жалабайм.
Күлүп-жайнап сырымды айтам бажактап,
Пейилим тарып, бышкан ашты аябайм.

Ата болдум эки кыз, төрт уулга,
Алдын үйлөп, кондурдум үй - туурга.
Эт жүрөгүм эзилет да, эзилет,
Кенжетайым Акжолтой карагыма.

Жүрөк балкып, жүрөк толкуп кубандым,
Кылыгына Айгеримдин, Эрландын.
Туура жолдон чыкпасыма түшүмдө,
Аян берет баатыр бабам Эр Таргын.

Ысык-Көлдүн ак куусундай алганым,
Ырдап берсе унутулат арманым.
Ыраа көрсө ынтымакты Теңирим,
Таап алам маңдай терден калганын.

## ЗОБОЛО

*(Кыргыз Республикасынын*
*Премьер-министри, академик*
*Кубанычбек Жумалиевге)*

Көз тийбесин, өзү колдоп Кудайым,
Сөз тийбесин, жолуң болуп ылайым.
Элдин деми, жердин жели шердентип,
Ишенич актап, чоң сыноого чыдагын.

Суук-Төбөгө ойноп шамал чыккандай,
Бүркүт шаңшып көк асманда учкандай.
Премьерлик арта берсин зоболоң,
Жер шарынын мүлдө калкы уккандай.

БИЛЛ КЛИНТОН кабыл алса кубанып.
Бир ТЕҢИРден амандыгың суранып.
Төбөм көккө жете түшөт заматта,
«Эл уулу» – деп сыймыктанса калайык.

Кулуну деп касиеттүү Аксынын,
Келечеги кең болот деп айтчымын.
Таап алган тыным билбей күнү-түн,
Убайын көр КУБАНЫЧБЕК бактыңын.

Көрүнгөндү Ажо колдоп, сүрөбөс,
Көрө албастар үрө берет канчыкча.

Сак бологор Ордо оюну опуртал,
Суу бүркттүрбөй «досторуңа» колтукка.

Алды-арттты аяр карап карагым,
Эл намысын сактаганга жарагын.
Эл аралап жүргөнүңдө өтүнөм:
Бей-бечара турмушуна карагын.

Акыл эмес, ак тилегим агалык,
Күбө мына: МЕЗГИЛ менен АРАЛЫК.
Мартабалуу боло бербейт баары эле,
Бул дүйнөгө калгандар бүт жаралып.

Кандай сонун керемет кез балалык,
Балалыкта боло келген чалалык.
Кечиримдүү, айыптоо жок шоктукту,
Эң башкысы: жан дилдеги тазалык.

Кырктын кырын ашканыңа карабай,
Баёо кара бул дүйнөгө баладай.
Бар дөөлөттүн бардыгынан артыгы,
Боло алганың, боло алганың баладай!

*1998-жыл.*

## АСКА

*(Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти Малабек Токтоболотовго)*

Азгырылбай амалга да, акчага да,
Акыл калчап ак, карага.
Ата Журттун ак кызматын аркалап,
Эл алдында жүзүң жарык, абийириң таза.

Авлетимдин аскасындай бийиксиң,
Аксы элинен бычакка сап жигитсиң.
Топук кылып, казынага кол салбай,
Боор толгоп таланттууга ийиктиң.

Мансабына эсирбеген күнүмдүк,
Малабектин дээрине сүйүндүк.
Ойлогону: бардар турмуш, бейкуттук,
Оомат, тынчтык, ыдырабас биримдик.

Жупунулук – улуулуктун белгиси,
Журт камында боло жүргөн эр киши.
Кайда жүрбө, кандай күнгө кабылба,
Кубат берсин элдин деми, жер күчү.

Ак-Теректи ойлогону ойлогон,
Ак тилеги ишке ашат деп болжогон.

Ант ургур бир ашкебинин айынан,
Башталган иш кан буугандай токтогон.

Көлөкөдөн корккон тууган күйгүзүп,
Коркоолугун ачык койду билгизип.
Көзүн таап алалбады каражат,
Бюджетке койсоң дагы киргизип.

Көрүп келген зомбулуктун абагын,
Бөөдө жеген кайын-журттун таягын.
Тайың тартып жарадың сен намыска,
Издеп таап Молдо Багыш казалын.

Арбак колдоп, ишиң жылды илгери,
Жомок болгон илгери бир илгери...
Болумушта ак жашоо парз адамга,
Оңой келбейт эр-азамат келкели.

Тагдыр буйруп бактысына,
Ак-Тапаанын ак кызына.
Камбыл бүлө, үйдө бүйрө,
Тең карап төркүн-төшкө, кайын-журтка.

«Казык кылып каруусун,
Кадыр туткан саруусун.
Кумурскасын кыйбайт дартка,
Таап берип дарысын» –

Дегени эсте Бактыгүлдүн,
Жарга жары сынчы да.
Иштен келип, ишке кетет,
Канбай жакшы уйкуга.

Кожожаштын аскасын карай жүргүн,
Ак, караны адилет баалай билгин.
Аксылыктар эр кадырын көтөргөн,
Жер каратпас шайлоодо тирек уулун.

*2000-жылдын 17-февралы.*

## ЫР-НОВЕЛЛАЛАР

### КОШ БЕЙИТ

Кош боорумду кош бейитке,
Коюп бир күн кайгырдым.
Күтүлбөгөн жол кырсыктан,
Кош беренден айрылдым.

Экөө тең эл оозуна,
Калган эле алынып.
Эки бирдей жеңем боздойт,
Кара жоолук салынып.

Кош боорум кош бейитте,
Чым алдына басылды.
Өпкөм көөп шолоктоймун,
Токтото албай жашымды.

Кош боорум кош бейитте,
Коюн-колтук алышты.
Бирин кыйбай бири өлүмгө,
Ташка айланып калышты.

## КАЙГЫҢДЫ ТЕҢ БӨЛҮШӨМ

Кайгыңды күтүлбөгөн башка түшкөн,
Кайгырып жүрөгүмдөн тең бөлүшөм.
Коогалуу шум каргаша ойго келбес,
Кылгыртып жаш төктүрдү эки көздөн.

Жалп этип өмүр шамы өчкөн тура,
Жарыктан жапжаш бойдон кеткен тура.
Жүрөктү улам мыкчып күйүт эзет,
«Бири кем дүйнө» деген ушул тура.

Сеземин: отурасың кабак бүркөп,
Үшкүрүгүң таш жарып, ичтен түтөп.
Кантели, жаткан жери жайлуу болсун,
Баары бир, кайгы-муңга адам түтөт.

Белеги Азизбекке өмүр тилеп,
Бапестеп мээрим менен өстүрөлү.
Кайгыны кайрат менен ары шилеп,
Көз салып баралына жеткирели.

КӨРҮСТӨНДӨ

Айылга барганымда,
Айтпастан жан адамга.
Келемин көрүстөнгө,
Мейли кыш... мейли жазда.

Көзгө тааныш Мүрзө-Төбө,
Тегереги туташ мүрзө:
Чөккөн мүрзө... мүрзө...
Үрөй учкан жымжырттык
Өкүм сүрөт чак түштө.

Мүрзө-Төбө – көрүстөндө,
Мен тиземди бүгөмүн да,
Улутуна үшкүрөм да,
Арбактарга дуба кылам.
Арга жок мындан башка,
О дүйнө кеткендердин
Айылы – ушул көрүстөн,
Жатат мында:
Аял-эркек, жаш-кары,
Таяке-жээн, куда-сөөк...
Деги койчу бүт баары.
Бар айырма болгону эми:
Азыр булар баштагыдай,



Бир болбогон нерсе үчүн
Кагып-силкип бирин бири,
Кер-мур сөздү айтышпайт...
Жана да ушак-айың аралап,
Бир бирине таарынышпайт.
Атаандашып мал-мүлк күтүп,
Өйдөсүнбөйт эч кимиси.
Баарынын жаны алып жай,
Топуракка көзү тоюп
Баары жатат үнчүкпай...
«Кыямат кайым жакын» – дейт,
«Кыямат кайым...»

ЖАН МЭЭРИМ

Сен экөөбүз,
Бир атадан, бир энеден болсок да
Ата-энеге эркелеп тайраландап,
Тамак ылгап, кийим тандап
Бир үйдө чогуу өскөн жокпуз.
Сен атанын, мен эненин
Жан мээримин сезген жокпуз.

Сен экөөбүз,
Бир атадан, бир энеден болсок да
Эки айылда,

Эки башка чоочун элдин,
Токочун жеп ындаттуу.
Күбүр-шыбыр ушак угуп,
Ойной албай корунуп,
Жек көрүндү болуп өстүк,
Бармак тиштеп, ызадан улутунуп.

## БАЛА АЗАБЫ

Кайраттуу элем каржалбас,
Кайратым элең ачалбарс.
Кан жутуп сенин кайгыңан,
Кан какшап калдым алсырап.

Теңирим берген Теңдигим,
Теңирим берген кеңдигиң.
Туурумдан тунум учуруп,
Түшүндүм дүйнө кемдигин...

Сепилдей эле карааның,
Солкулдап ыйлап турамын.
Сый-урмат кербөй дүйнөдөн,
Жар кечкөндөй куладың.

Өксүттүң мени, өксүттүң, балам,
Өкүрүп бардым мүрзөңө, балам.

Өмүрүм канча калганын билбейм,
Акырет бир күн өзүңө барам.

*1997-жыл.*

## ТАГДЫРДЫН ТАТААЛДЫГЫ

*(Ош мамлекеттик жогорку колледжинин ректору күтүлбөгөн автокырсыктан кайтыш болгон агам Мырзабеков Анашбектин жаркын элесине арнаймын)*

Тагдырдын татаалдыгын,
Турмуштун катаалдыгын
Акыл калчап түшүнүп,
Чайпалып, бөксөрбөстөн
Тилеген ой-максатка
Жан үрөп жаңы жеткен.
«Эр ортону – элүүдөн» жаңы өткөн
Аталаштай арка-белим
Ардактаган агам менин
Эл-журттун намысы үчүн
Тике туруп тирешээрим.

...Ылымсып ташына да,
Карабай ток-ачына да
«Кечүү – кыйбасым» – деп,

Кылгырган көздөн жашын
Көрсөтпөй жан адамга.
Он үч жашка караганда
Бел байлап ой-максатка.
Атка минип, же түшпөй машинага
Жөө жөнөп таң атаарда
Таш-Көмүргө жете келип
Эл жатаарда,
Эртеси таң эртеден
«Окуйм» – деп сапар тарткан
Ордолуу Ош тарапка.

Каш-кабактын ортосунда
Каргашалуу кырсык деген.
Кыйынын жайраттырган
Кыйды экен кырсык деген.

Ушундай да болобу катыгүн-ай?!
Бирге жашап, бирге өлгөн аттигин-ай!
Кайран жеңем, кайрылбас Ырысыбыз
Ушунчалык кем беле ырысыңыз?
Селт эттирди суук кабар
Аксы элин ток ургандай.
Көз ирмемге токтоп турду
Ак-Жол суусу буулгандай.

Аңгырайт кең капчыгай,
Апамдын боздогону ай!
Боз үйдө тегеректеп,
Уулдарың: Акмат, Алмаз,
Кубатың Кубанычбек,
Мөгдүрөп Медет аке
Жеткирип сай-сөөккө
Муңканып ыйлап турат.
Калдайган калың журтуң
Күйүтүнөн аза күтүп тунжурап,
Ариетин кылса дагы
Жер алдына кыйбай турат.

Чай кайнам убакытта
Ош – Бишкек каттамында
Түштөнүү эстен чыгып
Түйшүгү ректорлук вазипанын
Түйшөлтүп жүрөктү эзип,
Бир күндө эки келип, кайра кетип
Мынчалык неге шашып, неге ашыгып
Же балким, жүрдү беле жүрөк сезип?..

Жүрөр кезде жыргап чардай,
Жок дегенде сый тамак, чайга барбай.
Суй жыгылган күндөр болду Бишкекте

Жөө басып мекемеден мекемеге
Же андан майнап чыкпай.

Анда деле үмүт үзбөй
Маселени коё берчү тийиштүү
Кайра-кайра ачууланбай.
Көздөн көрүп, сөздөн туюп тилекти
Акыл айтып, каалап жакшы ниетти.

Жакшылыкта, жамандыкта тик туруп
Арүүлукка, тазалыкка үйрөттү.
Арга таппайм күйүтүмө кылчалык
Тагдыр неге таш боорсуң мынчалык?
Кертирилик өтө берет алынча
Жүрек токтоп калгычакты тынч алып.

Аталаштай арка - белим
Ардактаган агам менин.
Арга таппай мөгдөп турам
Карангүн-ай кандай кылам?
Медер тутуп көкүрөктө үмүтүн
Колледжинин камын көрүп
Чарчаганды такыр билбей
Иштеп жүрдү күнү-түн.

Жандан башка шардана эле жүргөнү
Ажат ачып, таарынтпаган бирөөнү.

Досу түгүл, тирешкенди ийитип,
Таба билген ыктуу жүйөнү.

Билим, илим артынан сая түшүп
Докторлук эмгегин да калган бүтүп.
«Бүгүн-эртең жактайм» – деп турганында
Кабылды го кырсыкка аттиң минтип.

Мени эч ким өзүңүздөй түшүнбөй
Шагым сынаар, жаш кылгырып каректен.
Жаткан жериң жайлуу болсун жан ага
Жаратканда жаралгандын баары өткөн!

*12-июль, 1998-жыл.*
*Ак-Жол айылы*

## ЖООКЕРДИК ЖАН ДЕПТЕРДЕН

ДАУРИЯ... ДАУРИЯ...

Кичине эле станция Даурия,
Күн алыс бир поезд келип токтогон.
Эң алыс Даурия... Даурия...
Дүйнөнүн бир чети окшогон.

Мекендин темир жолунун,
Бир учу мындан бүтөт.
Сурданган кара булуттар,
Дайыма турат Күн көзүн бүтөп.

Даурия какыр талаа:
Суу чыкпаган, дарак өспөгөн.
Каргыш тийгир кара шамалы,
Каалагандай жан бүткөндү өкчөгөн.

Эки өлкөнүн чеги турган бөлүнүп,
Жайдак талаа бозоргон, Даурия.
Эмнегедир артат күндө ылымсыроом,
Кар аралаш кум учкан Дауриям.



Оң колумду кыса кармап ротный:
«Кызматыңа ырахмат» – деп алкаган.
Жылуу сөзгө жүрөк ийип, бөтөнчө
Бир жагымдуу сезим бойго тараган.
Мекен баркын, эл кадырын туйдурган,
Дауриям сени кантип унутам?!

УУЛУМДУ ӨПКҮЛӨДҮМ ТҮШҮМДӨ

Кийсем дагы кийиз өтүк,
Сөөк какшайт суук өтүп.
Аскерий машыгууда тыным албай,
Улам жаңы бир жерге жүрдүк көчүп.

Командирден буйрук болду:
– Токтосун деп рота.
Түнкү саат он бир болду,
Жол улайбыз таң ата.

Ай нуруна чатыр тигип,
Ай-талаага түнөдүк.
Койнубузга шамал кирип,
Уктай албай жүдөдүк.

Бутту чечпей кур бошотуп,
Темир мешке жакын ыктап.

От табына чекем нымшып,
Кеткен экем заматта уктап.

... «Атакелеп» чуркап келет,
Аркы өйүздөн Теңдигим.
Так көтөрүп колтугунан
Кучактап боорума имердим.

– Атаке, автоматың берчи мага,
Мен дагы немистерди аткым келет.
Мен деле кур тагынып, өтүк кийип,
Жоокерлердин сабында баскым келет.

* * *

Өзүңдөн көпкө кат албай,
Өрттөндүм тынчып жаталбай.
Өңгөчүм тартып шолоктойм,
Өзүмдү өзүм басалбай.

Кусалык жүрөк жаралап,
Кумарым артып баратат.
Көзүмдөн учкан учкундар,
Көк асман бетин талашат.

* * *

Алты миң чакырым алыстан,
Ардагым самаймын өзүңдү.



Ай менен кошо кетсем дейм,
Азапка салгыча өзүмдү.

Жүрөктү мыкчыган кусалык,
Жаныма эч тынчтык бербеди.
Эч кимдин жанына батпасын,
Кусанын сары зил чеңгели.

Көкүрөк жарылып кетчүдөй,
Кусалык тирелет чатырап.
Күйгөнүм, күйөмүн ишенсең,
Как арча күйгөндөй бачырап.

СҮЙЛӨШҮҮ

Тынчым кетип күткөн мезгил жакындап,
Жүрөк согот көкүрөктө лакылдап.
Телефондун шыңгырашын күтөмүн,
Аркы-терки басып колум алчындап.

«Титаниттен» жагымдуу үн угулду:
«Фрунзени ким күтүүдө «Карбазол».
Тулку бойдо каным кызып дүркүрөп,
Толкунданып жооп бердим: «Мен ошол».

Уктум чыпчаң тааныш үнүң он айда,
Уяң мүнөз, токтоо, назик Жаңылым.

Көмөкөйдөн кусалуу үн дилдиреп,
Көкүрөктөн төгүп жаттым жан сырым.

Көз ирмемдей бачым өттү он мүнөт,
Кол сааттын жебесине ченелген.
Эң бир асыл сөздөр чууруп дилдеги,
Көкүрөккө кыт-кыт болуп тирелген.

Сагынычтын оор жүгүнөн кутулуп,
Жүрөгүмө татты кыял шыкалды.
Көңүл толкуп, көк майсаңдай кулпуруп,
Өзүң мекен сүйлөшүүдөн шык алды.

* * *

Умсунам Айды карап,
Уйкуда бардык тарап.
Уктай албай жаткандырсың,
Узакка мени самап.

Айдын нуру төгүлгөн,
Көздөрүңдүн нурундай.
Өзөгүмө өрт коёт,
Кусалыктын ырындай.

Жайдын мелүүн шамалы,
Жүздөн сылайт акырын.

Каңылжаарга өрдөтөт,
Жытын кундуз чачыңын.

Жандүйнөмдү көлбүткөн,
Таттуу үмүткө бөлөнөм.
Жүрөгүмдү туйлатып,
Жылдыз учат төбөмдөн.

Укта жаным мемиреп,
Уулумду кучактап.
Жоокер жарың күзөттө,
Чек арада туруп сак.

### ТОМСОРУУ

Өчө түштү ындыным,
Суу сепкендей денеме.
Талкаланды жана да,
Таттуу үмүтүм эми эле.

Күндөн айга создуруп,
Катың келбейт күттүрүп.
Отурамын томсоруп,
Кабак бүркөп үшкүрүп.

Сездиң бекен катыңдын,
Жүрөккө дем берерин.

Түк кенебес баштатан,
Түшүн эркем себебин.

Забайкалье бороону,
Көз ачырбайт күнү-түн.
Каршы коюп катаал шартка,
Жоокер жашайт үмүтүн.

Жол каратпай томсортуп,
Кат жаз эрте күттүрбөй.
Кусалыгы үч айдын,
Тарап кетсин үч күндөй.

## А МҮМКҮН МЕН ТҮШҮҢӨ КИРГЕНДИРМИН

Жакшына түш көрүүгө сен жөнүндө,
Жатканмын жакшынакай үмүт менен.
Сагыныч уйку бербей узун түндө,
Ооналактайм төшөктө ысып денем.

Ошентип сен түшүмө кирген жоксуң,
Канчалык каалаcа да көңүл чиркин.
А мүмкүн мен түшүңө киргендирмин,
Алыста мени күткөн сүйгөн селким.

Анткени айырма бар убакытта,
Айланат Жер огунда улуу Күндү.
Бирибиз таң нуруна жүз чайганда,
Бирибиз тосуудабыз кадыр түндү.

Аз калды күткөн мезгил келээрине,
Жоокерлик милдетимди аткарам так.
Өмүрлүк алган жардын кадыры өткөн,
Түбөлүк ушул күндөр эсте калат.

## ЖУБАН

Кучакка кучак айкалбай,
Кумарым артат байкалбай.
Үйүңдү жүрөм айланып,
Калгыча бутум тарталбай.

Айтпас да элем билбесем,
Айтпас да болчум билбесең.
Алтыным, зырп дейт жүрөгүм,
Алагар көзүң ирмесең.

Түк эч ким сага окшобой,
Тутантып сезим козгобой.
Аябай тарттым азапты,
Туйлаган жүрөк токтобой.

Жан кумар тынчтык бербеди,
Жай албай жүрөк дегдеди.
Сыр билги жубан суйкайган,
Сабылтпай эрте, кел бери.

## СЕКУНДУ КЫМБАТ ӨМҮРДҮН

Туйласын, жүрөк туйласын,
Жан адам аны туйбасын.
Жарашкан түгөй түгөйгө,
Жаркылдап ойноп жыргасын.

Ийикчи бийкеч ийикчи,
Ийигип көңүл жибитчи.
Илебиң искеп алганым,
Делгиртип көөнүм жибитти.

Төшүңө төшүм тийгенге,
Суранам: бийкеч ийменбе.
Секунду кымбат өмүрдүн,
Ай, жылы түгүл билгенге.



## ӨЗҮМДҮ ӨЗҮМ ЖЕҢЕМ

Кой, экинчи рюмканы толтурба,
Кашты кагып, болбогонду болтурба.
Жабык этек жабык бойдон калганы оң,
Болду жетет рюмканы толтурба.

Ансыз дагы ууру сезим азгырып,
Акыл пештеп араң чыдап жүрөмүн.
Себепкери боло көрбө мас кылып,
Өзүмдү өзүм түк кечирбес күнөөмүн.

Көз артпагын бактысына бирөөнүн,
Ал да сендей жакшы көрөт дилинен.
Анан дагы актыгына күбөмүн,
Кыз кезинен тал чыбыктай ийилген.

Болду жетет, рюмканы толтурба,
Кан кызытып болбогонду болтурба.
Жабык этек жабык бойдон калганы оң
Болду жетет, рюмканы толтурба.

## КЫЯ АЛБАЙМЫН

Калдым сени мынчалык неге сүйүп,
Каңырыгым түтөдү отсуз күйүп.
Көл боюнда өткөргөн айлуу түндү,
Калсаң керек сен деле эске түйүп.

Махабатка ким гана кабылбаган,
Кабылаар саам алоолоп жалындаган.
Алмустактан адамдар издесе да,
Арзуу дарттын дарысы табылбаган.

Сен карасаң жүрөгүм жараланат,
Көздөн неге мөлтүр жашың салааланат.
Кол кармашып жүрүүгө ылаажы жок,
Аттиң чиркин дүнүйө, атаганат!

Сенин күлкүң жаңырса кулагыма,
Таттуу үмүткө магдырап чыланамын.
Тартылсам да турмуштун сурагына,
Сени кантип башкага кыя аламын?

Касиеттүү Көлдөгү сапар карып,
Коштошо албай кыйылып көпкө турдук.
Күйүтүмдү кимге айтам, кайда барып?
Коштошууну коюптур тагдыр буйруп.

## ТИЛЕК

Шам чырактай садагасы, садага,
Карап койсоң кубат болот агаңа.
Сени кыйбайм ичи тарга, алага,
Бактылуу бол, бактылуу бол садага.

Ыйбаа карап жоодурачы жоодурап,
Качан болсо жолуң болсун дайыма ак.
Көйгөйү көп турмуш жолу ойурма,
Көп жүк артаар көтөрө албас мойнуңа.

Түк ишенбе ырайга да, чырайга,
Дөөлөтүңө бой көтөрүп чырайба.
Бир сырдуу бол, көтөрүмдүү, бекем бол,
Башка иш түшсө капаланба, муңайба.

Эмне деймин? Бар айтаарым: бар болгун,
Өзүң теңдүү эстүү жанга жар болгун.
Бул дүнүйө бапалуу да, баласыз,
Айтуу кыйын алда кандай болоорун.

* * *

Көзүмө сүйкүм көрүндүң,
Кейкелген Ысык-Көлүмдөй.
Көз арткан менен көп жанга,
Көрбөпмүн мурда өзүңдөй.

Көл бойлой бастык кыналып,
Аңгеме-дүкөн уланып.
Кечигип тапкан бактыга,
Экөөбүз бирдей кубанып.

Эркелейт көлдүн толкуну,
Эртелет эркем болчуну.
Эс-учту алган махабат,
Эркиме менин болчубу?..

Жээкке калган сүрүлүп,
Чала жан кылба чабактай.
Көл бойлой бирге жүгүрүп,
Жүрсөк дейм дайым таң атпай.

# ДООР ДАРТЫ

*(Лиро-публицистикалык поэма)*

## I. АЗГЫРЫК

Соодада соодам жүргөн,
Жан элем ишин билген.
Кыйшайды куюшканым,
Күн өтүп доорон сүргөн.

Жаңылдым жаңылбайм – деп,
Жан элем сөзүнө бек.
Жазгырды арак деген,
Жаныңды жыргатам – деп.

Башканы башка дебей,
Акчаны акча дебей.
Түшкөнүм такси болду,
Түшөөрүм башка келбей.

Үй салдым алты бөлмө,
Толтурдум жыгач, килем...

Көз тойбой буга дагы,
Ташкенге кетти күйөөм.

Ташкенде алма кымбат,
Ташкенде жаңгак кымбат.
Акчасын белге түйүп,
Кеткенден келгени бат.

Барына кылбай нысап,
Күчөдүк кайра кычап.
Акчанын кулу болдук,
Айынан чыгып чатак.

Көзүмдү май бастырып,
Көптүрдү акча деген.
Келберсип баспай калгам,
Сүйлөшпөй киши менен.

Акчаны акча дебей,
Кудайым сакта дебей,
Самандай чача бердим,
Эсебин тактап билбей.

Текшерип келет Оштон,
Керек-жарак Союзунан.

Же болбосо облатком,
Кыскасы, папкеси чоң.

Кыйналып турмак белем,
Болгон соң баары белен.
Раис эбин табат,
Көбүрөөк акча берсең.

Турганда ишим жүрүп,
Тишимдин баарын «күбүп»,
Салдырдым жалаң алтын,
Көрүнөт койсом күлүп.

Таякем болбой мыгым,
Үч ирет болуп чыгым.
Үч ирет соттолоордо,
Токтоттум берип пулун.

Арак тартыш болгондо,
Анда элем Ак-Жолдо.
Ак-Сууга бардым сураныл,
Сатамын деп «ак молдо».

Алып келип үйүмө,
Ашырып саттым күнүгө.
Азгырып алып акыры,
«Ак молдо» жетти түбүмө.

Отуз миң түштү моюнга,
Арга жок төлөбөй коюуга.
Анда эле соттолмокмун,
А демек, жок болмокмун.

Күн-түндөп жүрүп чапкылап,
Ар кимден алдым карыз сурап.
Өткөрүп араң кутулдум,
Кийимим калбай жакшыраак.

Сагалап күндө келген,
Жакынсып чайын берген.
Саламым алик албайт,
Көргөнсүп ыдык менден.

Кыстап келет карызым,
Кыстап турат арызым.
Кантип, качан кутулам?
Төлөп берип баарысын.

Эл карабай уялам,
Ыйлап бугум чыгарам.
Чакырттым ага, сиңдимди,
Фрунзе, Кызыл-Кыядан.

Бири ырас сөз кошту,
Бири болсо без кошту.

«Атадан алтоо болсоң да...»
Келке турбай коштошту.

Чыгарам кимден күчүмдү?
(Ызага чөккөн үчүнбү)
Чымындай жанды кыюуга
Чыгардым ичтен бүтүмдү.

Дүрүлдөп эки кулагым,
Жардан да келди кулагым.
Уугуп ушак-айыңга,
Аргамды таппай куурадым.

Кирлик какпай чыгамын,
Эми эмне кыламын?
Өзүмдү өзүм күнөөлөп,
Тарта берем убайым.

Карыз доочудан бекинип,
Төшөккө жатпайм чечинип.
Жеме сөз угуп жекирген,
Кыздарым бүттү эзилип.

Жибербей коём сабакка,
Жиберем, бирок аракка.
Эңсейм да турам кургурду,
Табитим чаппай тамакка.

Жарымын ичсем шишенин,
Ысып да күйөт ичегим.
«Ичпейм» – деп эчен карганып,
Ант уруп кайра ичемин.

Алка-шалка тердеймин,
Өткөн күндү дегдеймин...
Түшүмдө санап көп акча,
Түк эч кимге бербеймин.

Жатып алып ыйлаймын,
Жан апамды кыйнаймын.
Жек көрсөм да баарысын,
Стаканды кыйбаймын.

Кызып алып кыйналам,
Кыйын элем кыйладан.
Кызыл Туу алып мелдештен,
Эчен жолу сыйлангам.

Гезитке чыккан сүрөтүм,
«Келечеги кенен...» – деп.
Коммунист да болгомун:
«Жакшы иштеп берем» – деп.

Билип туруп чаркымды,
Саламын кимге баркымды?



Камактан келген күйөөм да,
«Ажыраш» – деп тыңсынды.

Тагдырдын алдым сабагын,
Таасирин кантип танамын.
Угуза көрбө кулакка,
Атың өчкүр арагың.

Батпай турам жериме,
Батпай калдым элиме.
Тилемчи болуп калсам да,
Түз иштесем эмине?!

Болбогон жерден жаңылып,
Кайыштым түтөп каңырык.
Түгөнгүр ушул арактан,
Тагдырым калды таарылып.

Арак деген азгырык,
Алат дароо азгырып.
Айрандай төгөт абийирди,
Акылды алып мас кылып.

Тилеп туруп жакшылык,
Темтеңдетет мас кылып.
«Тилин» алган немени,
«Сый төшөккө» жаткырып.

Карыганда жаш кылып,
Көңүлүн да чак кылып.
Кадыр-баркын кетирет,
Калжаңдатып мас кылып.

Жаш келинди ырдатат,
Жарпын жазып жыргатат.
Жигиттен жигит тандатып,
Жүрөктө «сүйүү» ырбатат.

Амалы күч азгырык,
Алдап тынат азгырып.
Алтын башты кор кылат,
Алдырсаң эле жазгырып.

Түшүрөм түбүн дегендин,
Түбүнө жетет акыры.
Түбөлүк кетип дүйнөдөн,
Түбүндө көрдүн жатыры.

## II. ЖАН АЗАБЫ

Арактан колум бошобой,
Адамга калдым окшобой.
Азгырылдым эчен жыл,
Артынан түшүп токтобой.

Өкүртүп арак ичкемин,
Өзүмдү өзүм аябай.
Өкүнүп бармак тиштедим,
Кеткенде достор карабай.

Ашказан, боорго карабай,
Наар татууга жарабай.
Ууру иттей жөнөйм дүкөнгө,
Зыңылдайт башым чарадай.

Түшүнүп туруп залалын,
Түгөнүп такыр амалым.
Түк барбайм деген камокко,
Таң атпай жетип барамын.

Азгырык арак айынан,
Ар кимге барып жагынам.
Атам арак иччү эмес,
Айтайын десем каныман.

Алагүү болуп аракка,
Карабай калам тамакка.
Кайра эле ичe беремин,
Калсам да жеме-таякка.

Апталап ишти унутуп,
Арактын түбүн курутуп.

Акылдуу болуп кетемин,
Ким болсо деле муютуп.

...Каным катып чаңкатып,
Жан азабы башталат.
Уйкум качып түн бою,
Үшкүрүгүм таш жарат.

Ак көңүлдүк айынан,
Азапты тарттым абыдан.
Жүрөгүм согот түрсүлдөп,
Чыкчудай ыргып кабынан.

Көзүмө жаным көрүнүп,
Өзүмчө алам сөгүнүп.
Шишенин түбүн жуткан соң,
Кыялга батам чөмүлүп...

Азабы ушул Кылымдын,
Арак болбой куруп кал.
Азатбегим, боор этим
Арманымды угуп кал.

Жолугуп калсам бирөөгө
Тик карабай тайсалдап,
Бутумдун башын караймын,
Кылмышы бардай кайсактап.



Ыйлагым келет ыйлагым,
Жанымды мынча кыйнадым.
Эл караган жүзүмдү,
Жер каратып «сыйладың».

Убада берип өзүмө,
Чолок жаш алам көзүмө.
Аракка калам алданып,
Бек турбай берген сөзүмө.

Бир сырдуу жанмын ичпесем,
Жалтанган кимди тиктесем.
Өжөрлүгүм дагы бар,
Тынбаган ишти бүтпесем.

Тебелеп бирөө кеткендей,
Тулку-боюм зымырайт.
Шайтаны келип арактын:
«Баш жазгын» – деп шыбырайт.

Унутсам да башканы,
Похмелге каткан акчаны
Таап алып таң атпай,
Жөнөймүн башты жазганы.

Кем эмес элден акылым,
Кенже уулум, сенсиң жакыным.

Керээз кепти угуп кал,
(Киши укпасын акырын).

Көпкөндүктөн ичкен жокмун,
Билерманы болдум топтун.
Көрө албастар көп болсо да,
Кыянаттык кылган жокмун.

Жараткандын өзү жалгап,
Жолум шыдыр, жолум ак.
Жаңылсам да, жазсам да
Кыргызыма дилим ак.

Бийлик, мансап көксөбөдүм,
Жанымды үрөп башкалардай.
Ынсап, топук көксөгөнүм,
Тилегим ак көктөгү Айдай.

Кечиксем да келип арыма,
Чыгарамын кандан аракты.
Абийирдин ичип касамын,
Таштайм, уулум, ичпей арактыl

Алдырбаган аракка кыргыз жоктур,
Арак берип кыргызга, кыргыз соктур.
Ат башындай алтын тартуу кылса да,
Азгырылбайм ымыңа арак жексур!

## III. ДООР ДАРТЫ

Эч кимге айтпай дартымды,
Кетирип кадыр-баркымды.
Аракка жүрдүм алданып,
Токтото албай алкымды.

А бирок адил жашадым,
Жашагым келген жашагым!
Көзүм өтүп кеткен соң,
Кереги кимге атагым?

Атактын түшпөй артынан,
Жазбадым адам наркынан.
Өкүттө кетет окшоймун,
Атпай кыргыз калкыман.

Айланып ичтен элимен,
Амандык тилейм Теңирден.
Көзүм тойбой Көлүмө,
Көп карадым сеңирден.

Жан уулум, жаңы кыркты аштым,
Жан достор менен жанаштым.
Жаным ооруп жатканда,
Жан сырды келди сага айткым.

Ичкеним чын көзүм ачлай далайга,
Барганымда Нарын, Көлгө, Алайга.
Бар тапканым такыр кусуп салганча,
Өзүмдү өзүм өчү бардай аябай.

Уйкум качып, тагдырыңды ойлодум,
Эрким жетип, ичкенимди койбодум.
Бөтөлкөнүн түбүн издеп кайра эле,
Тооккана, жертөлөнү «жойлодум».

Үч кыл комуз кылындай дирилдеген,
Толкуп-ташып турганым билинбеген.
Акын жаны аялуу, аянычтуу,
Баамдасаң дайрадай иримденген.

Апаң шордуу шыпаа издеп оорума,
Дары-дармек сатып келет доорума.
...Коррупция, алдамчылык күчөгөн,
Ооруганым сезбей-туйбай Доорума.

Күндө тойлоп, түндө ойноп шылуундар,
Банктан алып баштык-баштык акчаны.
Ойлобогон керт башынан башканы,
Аздык кылат атса дагы мындайды.

Кабат-кабат үйүн салып бүтүрүп,
Мыйзамыңа койбойт деле түкүрүп.

Кары-картаң, жетим-жесир насибин,
Жеп-ичкенден семиришти күрсүйүп.

Жип учугу чыны Ак үйдөн башталат.
Мафияны чиновниктер башкарат.
Капчыгына түшпөй калса «үлүшү»,
Рэкети коркпой-үркпөй башты алат.

Карап туруп кант көрбөгөн баланы,
Кантип уулум, оорубасын боорум.
Тулку-бою мендей болуп уугуп,
Ооруп турат опоосу жок Доорум.

*1990-жыл.*

## БААТЫРЛАРДЫН КЛАССЫ

Учкан куштай зымырап арадан 40 жыл өтүптүр. Оо, анда биз алдыбыз он алты, он жети жашка келген дүйнөбүз бүтүн, көңүлүбүз шайдоот боз улан-кыздар элек. Таш-Көмүрдөгү Тоголок Молдо атындагы №3 мектептин VIII кыргыз классын биринчи бүтүрүү шыбагасы бизге тийди. 1969-жылдын 25-майында мектепте акыркы коңгуроо кагылганы дале эсимде. Башканы билбейм, мен мектепти негедир тезирээк эле бүтүрүп, анан менин кыялымда жашаган алыскы Индияга биротоло кетип, көзүм түшкөн, кат жазып, кат алышып жүргөн классташ кызым менен бактылуу өмүр сүрүүнү өтө самап, түн уйкудан безип түйшөлөр элем. Себебин азыр өзүм деле билбей жанчылам. Эми болсо мектепте кайрадан окугум келет. Мындан туптуура 40 жыл мурда өткөргөн бактылуу балалыктын эгерим эч бир баралбас айылына жете албай кыйналамын. Кыялымда жашарып, кыйбас классташтарыма жолугушам.



Биздин бүтүрүүчү VIII «Б» класстын жетекчиси Момунов Акмат агай эле. Ал биз окуган классты туптуура 4 жыл, демек, V класстан баштап жетектеди. Агай дене-тарбия жана кол эмгек сабагынан окута турган. Атабыздай камкор асыл агайыбыз өмүр бою бир мектепте ардактуу кесипти аркалады. Ал Кыргыз мамлекеттик университетин 70-жылдарда сырттан окуп бүтүргөн. Тагдырдын жазмышы экен. Айыккыс дарттан көп жыл азап чегип, көз жумду эсил кайран класс жетекчибиз. Ошол мезгилдин шартына ылайык биздин класста окуган кыз-уландар курак жагынан бир кылка эмес, үч-төрт жашка айырма боло турган. Эми эстесем: биздин класста кулк-мүнөзү, кыял-жоругу, жүргөн-турганы жагынан ар кыл балдар, кыздар окуган экенбиз. Анан да кээ бир окуу предметинен татар улутундагы эжелер окутушчу. Көрсө, мектепте жогорку билимдүү кыргыз агай-эжейлер жетишсиз экен. Жыл сайын окуу жылы башталаарда: «Мектепке ким деген жаңы агай-эжей келиптир?» – деп кызыгаар элек дайыма.

Тирилик өз нугу менен өтүүдө. Өткөн жылы биз бармактайдан окуган мектептин ачылганына 50 жыл толуптур. Мына ушундай куш кабарды

угаарыбыз менен республикабыздын булуң-бурчтарында жашап, иштеп жүргөндөр декабрь айынын баш ченинде болжолдонгон жолугушуу аземине жетип бардык. Өзүбүз окуган окуу кабинеттерин текши аралап, көрүп чыктык. Жолугушуу аземи мындан 40 жыл мурда жума сайын линейка өткөрүлө турган мектептин эски имаратынын тушундагы көзгө тааныш жерде өттү. Ооба, кырк жыл мурда да мына ушул жайда ким сабагынан жетишпей «2» деген баа алып, классын артка тарткандар ортого чыгарылып, аты-жөнү аталып, уялганынан жерге батпай теңселип, эки бети кызарчу. Башканы билбейм, мен деле алгебра же геометрия сабагынан бир жумада эки-үч ирет удаасы менен «2» алып, линейкада классташ кыздарга уят болуп, жер караганымды дале эстен чыгарбай жүрөм. Эми ойлосом: биздин класста шок, тентек балдар көп экен. Чынын айтсам биздин классташ эркек балдар сабакка анча деле кызыкчу эмеспиз. Андан көрө эки-үчтөн топтошо коюп бир түндө бир машине көмүр ташып, аныбызды алыстан ат арытып, түн күзөтүп кезекте турган кардарларга сатып ийгенди оң көрчүбүз. Сабактан кийин классташ бардык кыздарды «Северная»

клубуна киного чакырып, балмуздак алып берип сыйлачубуз. Майрам сайын кыздарга белек-бечкек берчүбүз. Же ыр сабагынан окуткан Касымбеков Эркин агай жетектеген өздүк-көркөм чыгармачылык ийримине үзбөй катышып, ар кандай даталуу күндөргө карата өткөрүлгөн иш-чаралардан кийин оюн коюп, концерт берчүбүз. Класста менден эки жаш улуу, бою узун, чап жаак, кабелтең болсо да Акбаралы экөөбүз абдан ынак элек. Анан да үйүбүз жакын коңшу турчубуз. Кийинчерээк айылдан эки көзү күлүңдөп, күлүп сүйлөгөн, капкара чачы кирпиникиндей тике турган, ыр-бийге шыктуу Көчкөнбай келип кошулду. Ымалабыз келишип, тез эле тил табыштык. Окуу жылы башталаары менен VII «А», «Б» класстарынын окуучулары Шамалды-Сайга пахта тергенге бардык. Кимдин ким экендиги, кимибиз элпек, кимибиз жалкоо, кимибиз эптүү, кимибиз чоркок экендигибиз билинди пахта теримде жүргөндө. Эки класстын балдары да, кыздары да өз ара аябай атаандашып, бирибизден бирибиз ашып, балдар кыздарга (балким, кыздар деле) жакшы көрүнүп калганга асдейдил тырышаар элек. Эгерим бирибизге бирибиз бой көтөрүп, керсейип, кыр

көрсөтүп, тыңсынчу эмеспиз. Атүгүл пахта тере албай кыйналгандарга этегине таш салып берип болсо да, таразачы өзбек жигиттен эбин таап куткарып кетээр элек.

Аттиң-ай! Окуучулук күндөрдүн өмүрдө экинчи кайталанбас экендигин такыр этибарга албаптырбыз. Мына эми эр ортону элүүдөн ашып, чачыбыз ак буурул тартып, апакай бетибизди пакта талаасындай салаа-салаа бырыш басып, өмүр деген белестин өрүнө улам өрдөгөн сайын каруу, күч-кубат кете баштаганда балалыктын балдай ширин күндөрүн, атүгүл кыз-жигит болуп кынала басып, сырдашкан унутулгус айлуу түндөрүн көзгө жаш кылгырта эстеп, кусуя эңсейт экенсиң, боор этиң эзилип.

Аскарбектин үйүндөгү жайыл дасторкондо наар сызып, көпкө божураштык. Тээ, түн бир оокумда Москвадан Базарбай барбалактап, телефон чалып, ар бирибиз менен көпкө сүйлөшүп, үй-бүлөбүздү, ал-ахыбалыбызды тажабай сурап чыкты. Уюлдук телефондон акчасын аяган жок. Базарбай башта аябай уяң, кепке чоркок, жоош бала эле. Эми кимге болсо да кыргыйдай тийип, жакшы ачылып алыптыр. Класскомубуз салабаттуу, бир сырлуу Кушубакова



Үрбүканды, тазалыгыбыз такылдап сүйлөгөн, оңой менен күлбөгөн Субанова Шарапатты, арык чырай кара каш, сөзмөр Ормонбекова Шербетти аябай кергүбүз келген. Үчөө тең биздин класстын тың чыкмалары эле. Сураштырып жашоо-шарты жакшы, бала -бакыралуу болушканын билдик.

Шербет көлдүк жигитке, Үрбүкан өзгөндүк бир ишкерге баш кошуптур. Сыягы, Новосибирск шаарындагы инженердик-педагогикалык окуу жайында окуп жүргөндө өмүрлүк түгөйлөрү менен таанышышса керек. Шарапат болсо ордолуу Ош шаарында жашап, иштейт. Өмүрлүк жары окумуштуу - педагог Момуналиев Сатканбай. Баса, 2008-жылдын июнь айында биздин классташыбыз мектепте кезинде жакшы окуп, пионерлердин бүткүлсоюздук «Артек» лагерине чейин барып келген Тууганбаева Күлүйпа КР Президентинин өз колунан «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы» деген ардактуу наамдын күбөлүгүн алгандыгын сыймыктануу менен айттым, кеп оролу келгенде.

– Ай, Тынчтыкбек, биздин класстын дагы бир баатыры жөнүндө кабарыңар барбы? – десе болобу, демейде эле салмактуу сүйлөгөн, салабаттуу жүргөн Саткын. Кеп төркүнүн түшүнбөй калдым. Ал эми Саткын Алмамбетова

1970-жылдын май айында улуу жол башчыбыз В.И.Лениндин туулгандыгынын 100 жылдыгына карата өткөрүлгөн республикалык фестивалдын 1 дараждагы диплому менен сыйланган. Биздин класстын жападан-жалгыз музыканты да, көзгө басар сулуусу да Саткын болчу.

– Ой, Саткын, ак чеп башта. Кечиргиле, кыйбас классташтарым. Баш-аягы 30 – 40 жылдан бери бириңе жолуксам, бириңен кабар ала албадым. Шарт-жагдай ушундай болду, – дедим мен актана.

– Анда жок дегенде бармактайынан биз менен бирге партада отурган баатыр классташтарымдын аты-жөнүн тактап өтөйүн. **Кабаев Акбаралы Саринжиевич.** Кыргыз Республикасынын Баатыры, КР Жогорку Кеңешинин депутаты, КР эмгек сиңирген гидрокуруучусу, бир нече орден, медалдын ээси. **Медетова Токтоайым** – баатыр эне, бактылуу үй-бүлөнүн куттуу очок ээси, кыргызстандык гидрокуруучулардын сыймыктанаар шаары Кара-Көлдө жашайт, – деди Саткын.

Өткөн жылдын декабрь айынын баш чениндеги бороондуу түндөгү отузга жакын классташтар отурушунда агыбыздан жарыла сүйлөшүп, чечекейибиз чеч толо сүйүнгөнүбүз,

качандыр бир кезде моокум кана көргөн жакшы түштөй жаныбызды жашартып, көңүлүбүздү көлкүтүп, жашоого дем-кайрат берип, эсибизде түбөлүк сакталаары анык. Ошентип, баатырлар окуган класстагы аты аталган же аталбаган бардык классташтарыма ак дилден асдейдил каалары‌м: баарыңарга бакубат турмуш, узак өмүр, бала-бакыраңарга бак-таалай, жүрөк-төрүңөргө мээрим. Өмүрүңөр өтөлгөлүү болсун ылайым. Жараткан силерди бөөдө кырсыктан сактасын. Ар дайым бар болгула, менин ары кыйбас, ары сырдаш классташтарым!

*Таш-Көмүр шаары, 2008-жыл.*



Таш-Көмүр шаарындагы №3 сегиз жылдык мектептин V «Б» классынын жетекчиси Момунов Акмат (экинчи катарда ортодо) окуучулары менен; биринчи катарда: Б.Токтобаев, Т.Нурманбетов, А.Наркеев, С.Кушубаков, А.Кабаев; *экинчи катарда:* О.Сапаралиев, Ж.Тургунов. 1966-жыл.





Солдон оңго: Тынчтыкбек Нурманбетов, Акбаралы Кабаев, Көчкөнбай Айтикеев. Бишкек, «Ала-Тоо» аянты. 2008-жыл.

## *АКЫНГА АК ДИЛДЕН КААЛООЛОР*

### ТЫНЧТЫКБЕККЕ

Айылда кокус чыр чыкса,
Сен эч кимге унчукпа.
Жүз жыл жаша ыр жазып,
Өмүрүң өтсүн тынчтыкта.

*Темиркул Үмөталиев, 1988-жыл.*

* * *

Сага аманчылык, бекем ден соолук жана чыгармачылык ийгилик каалайм.

*Сүйүнбай Эралиев, 2001-жыл.*

* * *

Ардактуу иним Тынчтыкбек!
Сага бардык жакшылыктарды каалаймын.

*Сооронбай Жусуев,*
*Арашан, 09.07.2004-жыл.*

71101 30 30/6 1429
КУТТУКТОО ТЕЛЕГРАММАСЫ:

Ага Сизди Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер деген ардак наамыңыз менен кызуу куттуктайбыз! Айымкыз, Түгөлбай, Эсенбай, Алымкыз, Нурданбай, Айгүл.

*Таш-Көмүр шаары.*

* * *

ТЫНЧТЫКБЕК!

Агаңдын санаасынан жаралган ушул тарых сенин үйүңдө турсун!

Сага чыгармачылык ийгилик каалаймын.

*Төлөгөн Касымбеков, 2.05.09.*

* * *

ТЫНЧТЫКБЕК ИНИМЕ!

Күндөрүң байсалдуу, өмүрүң өтөлгөлүү болушун тилеймин.

*Орозбай Кечкенов, 18.08.87.*

## ТЫНЧТЫКБЕККЕ

Адам баласына багышталган жакшылыктын баарын каалаймын. Узун-узун жол басып, дагы далай бел ашып, каламыңын жоргосу бузулбай кете беришин чын ниеттен тилейм.

*Кадыркул ДАУТОВ. 18.04.09*

## АРДАКТУУ ТЫНЧТЫКБЕККЕ!

Фортуна, чоң таланттуу, перспективалуу болушуңду каалайм.

*Рамис РЫСКУЛОВ. 10.09.09*

## ЫСЫК КАЛАА

*(Тынчтыкбекке)*

Өгөй, эне өгөй го, телинсе да,
Өз баласы өз бала, жерисе да.
Өз жер-суусу өзүнө – өз энеси,
Өгөй эне – бөтөн жер, берилсе да.

Жүргөнүндөй дем алып керимселде,
Жүрөгүнөн жактырып Фрунзеде

Тынчтыкбек жашап жатат...
Жашаса да
Киндигинен кан тамган жери эсинде.

Жаңы үйренчүк тай-акын. Бышык бала.
Жакшы жазат. Жагы жок жалтактама.
Тирек кылып тикелей өзү дагы
Өсүп келет жөлөнүп бир ныптама.

...Карыядай эңсеген жаш өмүрүн,
Кайра-кайра кеп кылып Таш-Көмүрүн,
Таш-Көмүрүм – өмүрүм...
Таш-Көмүрсүз
Жок деп менин кесе айтат башка өмүрүм.

Эргип, оргуп сүйлөгөн кызык бала:
– Эч кайда жок, - дейт, - мындай ысык калаа.
Баарынан да, ысыгы мага жагат,
Баарынан да, ысыгы таңсык мага...

Жайкы убакта чыкса да отпускага,
Барбайт же Кара-Деңиз, Москвага,
Ал барат мээ кайнаткан Таш-Көмүргө,
Таш-Көмүр Крымдан да салкын ага.

Көп барганы кенчилер калаасына,
Көнүп калган көмүр жыт абасына.
... Жамандыгы эненин эч билинбейт,
Өзү төрөп, өстүргөн баласына.

*Салибай ШАТМАНОВ,*
*Кыргыз Республикасынын маданиятына*
*эмгек сиңирген ишмер, Алыкул атындагы*
*сыйлыктын лауреаты, 1982-жыл.*

* * *

«Мугалимдер газетасынан» бери мамилебиз бар, таланттуу акын, жакшы адам, жүрөгү назик иним Тынчтыкбек Нурманбетовго бул китеп тартуу.

*Асылбек МЕДЕТБЕКОВ,*
*философия илимдеринин кандидаты.*
*3-март, 1998-жыл.*

## ТЫРСЫЛДА ТЫНЧТЫК, ТЫРСЫЛДА

«Жаш ленинчинин» атын,
Өзгөртүп «Кырчынга»
Ал гана эмес, кызматкерлерин да,
Алмаштырып бир сыйра.
Башкы редактор болгону
Батпай такыр жер-сууга.

Тынчтыкбек жүрөт тырсылдап,
Тырсылда Тынчтык, тырсылда.
Кырчылда, Тынчтык, кырчылда,
«Кырчыныңдын» кыркында.

*Бергеналы БАЗАРБАЕВ,*
*«Кырчын», 1993-жыл.*

## КЫЙДЫРБА,
## «КЫРЧЫНДЫ» КЫЙДЫГА!

*(Кымбаттуу иним Тынчтыкбекке!)*

«Кырчын» деп кыл чайнап келдиңиз,
Кыйындык күндөрдү жеңдиңиз.
Кылычтай суурулуп курч туруп,
Кыйдынын катыгын бердиңиз.
«Кырчындын» жолуна ал тургай,
Кыйылып кетемин дедиңиз.
Кыргызды сүйүүнүн белгиси,
Кырчылдап муюбас эркиңиз.
Кырчылдап бепөлөп өстүрүп,
Кысымдын кыйпасын жеңдиңиз.
Кызыктуу чыкса деп ар саны
Кырчындай жаштыкты бердиңиз.
Кырчындай жаш бойдон жүрүңүз
Кызыган өчпөсүн демиңиз!

«Кырчынга» жашташсың өзүң да
Жүз жылдык маараке бериңиз!

*Гүлсайра МОМУНОВА,*
*акын, Кыргыз Республикасынын*
*маданиятына эмгек сиңирген ишмери.*
*2003-жыл.*

## АЗДЕКТЕГЕН АСЫЛ ЖУРНАЛ «КЫРЧЫНЫМ»

Эл деп иштеп күнү - түнү чарчабай,
Иштеп жүрөт менин досум - Тынчтыгым.
Кыйла адамдар балталарын көтөрдү,
Бирок досум кыйдырбады «Кырчынын».

Тамаша айтып, ачык сүйлөп, ак сүйлөп,
Башкалардан эч жашырбайт чын сырын.
Түмөн - түйшүк турса дагы башында,
Таштабаптыр жан - жолдошу «Кырчынын».

Жандүйнөсүн окурмандын ойготуп,
Сен жүрөсүң ырларыңа жалына.
Окурмандын эт жүрөгүн жылыттың,
Жарык көргөн «Таш-Көмүрдүн табына».



Эр ортону элүүдөн эми өтсөң да,
Сен айткандай таштабапсың кеп чынын.
Күндөн - күнгө көк асмандай көгөрсүн,
Аздектеген асыл журнал «Кырчыным».

*Шабдан НИЯЗБЕКОВ,*
*«Кырчын» журналы, 5,6, 2005-жыл.*

## УРМАТТУУ ТЫНЧТЫКБЕК ИНИМ!

Жакшылардан жакшысың,
Адамдыктын астысың.
Өз ишиңде сен дагы
Нурсултандай башчысың.
Таба турган жигитсиң,
Калеминен бактысың,
Ал бактыңа алмашпа
Падышанын тактысын.

*Гүлсайра МОМУНОВА,*
*акын. 16/X-2007.*

## «ТАШ-КӨМҮР ТАБЫНЫН» ТААСИРЛЕРИНЕН

*(Т. Н...га)*

Таш-Көмүрдүн табына табынасың,
Теңирге миң мертебе жалынасың.
Такшалып басып өткөн өмүр жолдо,
Ата Журттун ак кызматын аркаладың.

Гезит-журнал чыкпаган катаал кезде,
Басма сөз төө бастыга калган кезде,
Кыйдырбай «Кырчыныңды» кыйдыларга,
Көрсөттүң ким экениң эл журтуңа!

Адал иштеп, адал жашап турмушта,
Акын элең эл көйгөйүн көтергөн,
Чыктың мүдүрүлбөй өтүп мезгил сынынан,
Акын болдуң эмгегинен баар тапкан!

Таш-Көмүрдөн кеткен элең бир кезекте,
Таалай издеп жол кезген дервиш өңдүү.
А көрсө туулган жердин топурагы алтын тура,
Таш-Көмүрдөн эле учук алып уланыптыр.
«Тынчтыкбек Нурманбетов!..» деген ары
тааныш, асыл ысым!

Эмне дейин?
Азыр өзүң ысытасың эл-журтуңду,
досторуңду,
«Таш-Көмүрдүн табы» менен!
Атагың ылайым кете берсин алыс жакка,
Аткарып ой-тилекти самаган бала кезден!

*Кубанычбек ЧОРОЕВ*
*Бишкек, 2005-жыл.*

## ТАМЧЫ СҮЙҮҮ

*(Агайга)*

Ооруп калсам нур болуп төгүлөсүз,
Дартыма дабаа болуп көрүнөсүз.
Туйбаймын сиз бар үчүн муңдуу ыйды,
Үбөгүмө желек болуп көрүнөсүз.

Кайрылган канатым да сакайгансып,
Сиз келгенде көңүлүм да тынчып турат.
Жыттуу гүлдүн жыпары аңкыгандай,
Үйүмө да жарык нур тийип турат.

Дем бердиңиз эрдик менен,
Айыккам оорудан да
Көлкүп турдум,

Жашоо жарык кайыгында
Таттым балын сиз менен.

Үмүтүмө өчпөй турган ой жактыңыз,
Табылгыс  дары сымал көздөн учкан.
Тамшанып өтсөм деле ыраазымын,
Сүйүүнүн бир тамчысын тең бөлүшүп.

Дарт чалган жүрөгүмө даба болуп,
Сиз келдиңиз ак таң менен.
Дем берип нур чачтыңыз жүзүмө,
Бакыт келди күттүргөн  үйүмө.

Тагдырдын таштак жолун бассам дагы,
Тажабаймын бул жашоодон.
Такшалып кайра аламын кайрат-күчтү,
Бой бербей азоо күчтөй албууттанган.

Сыбызгып жүрөгүмдөн төгүлөт сырларым,
Аякка куюлган ширелүү бал татымдай.
Абазга жетээрдей куш сымал канат байлап,
Ой менен сапар тартып сизге барам.

Барсам сизге төгүлүпсүз мөмөлүү
жемиштердей,
Жамалыңыз бар тура ээрчишкен эгиздей.

Шаарыңызда, айылыңызда жүрсөңүз да,
Мен жүрөмүн сизди ээрчиген боз ингендей.

*КАСЫМ кызы Жамила.*

## ТЫНЧЫКЕ!

Бир калыпта жүргөнүң жазуучу журтчулугуна үлгү. Ушунуңдан жазба.

*Омор Султанов, 2-май, 2007-жыл.*

## УРМАТТУУ ТЫНЧТЫКБЕК АГА!

Тынч күндөрдү дүрбөткөн поэзияңыз дайыма бар болсун. Биз поэзиянын бир үзүмүбүз. Сизге бардык жакшылыктарды каалайм!

*Карбалас БАКИРОВ.*
*26.01.05-жыл.*

## «КЫРЧЫН» ЖУРНАЛЫНЫН КЫРЧЫНДАЙ ЖЕТЕКЧИСИ ТЫНЧТЫКБЕК ИНИМЕ

Айтканда сөздүн чын-чынын:
Айтылуу болду «Кырчының» —
Акыл сөзүндөй ырчынын.

*Т.МОЛДОБАЕВ,*
*Кыргыз Республикасынын маданиятына*
*эмгек сиңирген ишмер.*
*Бишкек, 2007.*

## КУТТУКТОО

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын Т. НУРМАНБЕТОВГО

## ТЫНЧТЫКБЕККЕ

Таш-Көмүр шаарың турагың,
Тынчтыкбек, элүүгө чыккан убагың.
Таш-Көмүрдүн табындай,
Китепте жазган ырларың.
Катар майрам бир келип,
Эргип турган убагың.
Элүү жашка чыксаң да

Жигиттей сенин дымагың,
Китептерди көп жазып
Калкыңа эмгек сиңирдиң.
Бөбөктөрдү сүйүнтүп
«Кырчынга» өмүр киргиздиң.
Таш-Көмүргө той берип
Чакырдың ага - тууганды.
Тынчтыкбек шаарга келди – деп
Классташтар кубанды.
Каалайм сага ак тилек:
Элүү жашың кут болсун,
Жүрөмүн сага бак тилеп
Ырларды тынбай жаза бер,
Ырлардын кенин каза бер.
Элүүгө чыккан акыным
Жүздөн ашып жашай бер!

*Төкмө акын Разылбек КОШАЛИЕВ.*
*Таш-Көмүр шаары. 14.12.2003.*

## ТАШ-КӨМҮР ТАБЫ ӨЧПӨСҮН

Ысымы калың журтчулукка белгилүү болуп калган таанымал акын ТЫНЧТЫКБЕК НУРМАНБЕТОВдун буга чейин бир катар ыр китептери жарык көргөн. 4 басма табак көлөмүндө жарык көргөн «Таш-Көмүр табы» аталган бул китеп 2002-жылы басмадан чыккан.

«Өзүнүн ойлорго мол, көңүл кушун оболотуп, жүрөк кылдарына жеткен ырлары менен поэзия сүйүүчүлөрүнө кеңири таанымал зирек акындын бул жыйнагына туулуп-өскөн жер, мезгил, турмуш, эне мээрими, эне тил, жашоо кумары тууралуу сезим туйгулары, замандаштарына арноолору, публицистикалык маанайдагы поэмалары топтолду» – деп китептин аннотациясында таасын айтылган.

Жыйнакты кунт коё окуп чыккан окурман автордун түркүн темадагы сергек ырларына күбө болот. Акын кайсыл темага кайрылбасын ойду терең бергенге ынтызар. Ошого улай поэтикалык көркөмдүктү да бийик кармап, элестүү картинаны көз алдыга тарта салуу ыкмасына да маш. Мына ушул касиеттер анын чыгармачылыгына бир башкача көрк берип тургансыйт.

*«...Карыядай эңсеген жаш өмүрүн,*
*Кайра-кайра кеп кылып Таш-Көмүрүн,*
*Таш-Көмүрүм – өмүрүм....*
*Таш-Көмүрсүз*
*Жок деп менин кесе айтат башка өмүрүм».*

Белгилүү акын Салибай Шатмановдун зирек акын инисине жазган ушул арноо ырында көп маани камтылган. Шахтерлордун шаары болгон Таш-Көмүр Тынчтыкбектин туулуп-өскөн турагы. Шахтанын арты менен шаар болуп адам уулу мекендеп калган бул калаа бир көргөн көзгө аябай эле кунарсыз. Жайкы аптапта мээ куйкалаган ысыгын айт да, шахтанын кара көө болуп ызгыган тозоңун алып учкан шамалын айт. Ал шамалы да бир ысык, тим эле жан аздырат.

Мына ушундай калааны ырга салып поэтикалык көркөм ой жаратуу оңой эмес. Акындык чыныгы көкүрөк гана жоктон барды таап чыгат. Көңүлдү ийгерип, көкүрөктү жибитчү асыл ыр саптарын жаратат.

Акындын өмүр бою даңктап өтөөр ыйык темаларынын бири – туулган жери. Дегеле туулган жерин ырга салып, ата-конушунун керемет сулуулугун ырдабаган акынды кезиктириш өтө кыйын. Айрыкча кыргыз жазма адабиятында

туулган жер темасы кеңири учурайт. Ошентсе дагы бүтүндөй бир жыйнакты туулган жерге багыштап, анын атын коюу өзүнчө эрдикке тете жумуш.

Акын өзүнүн жан-дили болгон поэзияга өзгөчө ынак. Бул ынактык анын жандүйнөсүн түгөл төгүп, дегеле эч нерседен кайра тартпай тургандай безенген ырларынан даана сезилет.

*«Аттиң ай! Ошол күнү эрте келсем,*
*Акыркы керээзиңди угаар белем?*
*Энеке, көз жумарың эгер билсем,*
*Кеч калып, көк жылгаяк тебээр белем».*

*(9-бет)*

Поэзия жанры ар дайым өзгөчө бир оор жүктү аркалап келген. Искусстводогу бардык жанрлардай эле поэзиянын да тагдыры катаал. Жоктон барды таап, окурман журттун кумарын козгоо өнөрлүү адамдын гана колунан келет. Ал эми ырда ыймандай сырыңды төгүп, бар дилиңден ачылып-чачылып турбасаң кылган ишиң куру далалат. Акын муну туура түшүнөт. Ошондуктан окурманынан эч сырын жашырбайт. Тынчтыкбектин ырларын окуп олтурган адам анын катаал шартта тагдырдын оор шыбагасы менен чоңойгонуна күбө болот.

Мына ушундай кыйын-кыстоо менен эр жеткен акын өткөн күндөрүн таамай-элестүү ырга салат. Жыйнактын бет ачарындагы «Таш-Көмүр таасирлери» аттуу бөлүмчө өзгөчө изденүү менен жазылган деп айтууга толук негиз бар. Ошого жараша табылгага да бай. Дегеле акын негизги чыгармачыл дареметин ушул бөлүмгө чегергендей таасир калтырат.

«Эсиңдеби Көчкөнбай», «Кайрат», «Шатырап жамгыр төкчү, жамгыр төкчү», «Эсте калган бир сабак», «Курбулар», «Бир классташыма» өңдүү ырларында акын балалыгына шайкеш өмүрүнүн таттуу кезеңин эскерет.

«Таш-Көмүр табы» деп аталган бул жыйнакка акындын кыйла жылдык ырлары топтоштурулган. «Төрт саптар», «Дил жаңырыгы», «Кара деңиз кайрыктары», «Жоокердик жан дептерден» өңдүү бөлүмдөр биздин бул оюбуздун далили.

«Арноо ырлары» аталган бөлүмдөгү ырлардын көбү чыгармачыл инсандарга арналыптыр. Ата Журт алдында Ала Тоодой эмгек кылган акындардын алп кызматын даңаза ырдоодо да акын ийгилик жарата алган дешке негиз бар.

Дегинкиси, поэтикалык жыйнакты окуп чыкмайынча көп нерсе көңүлдөн сырт калары

турган иш. Андыктан биз китеп окурмандарга Тынчтыкбек Нурманбетовдун аталган жыйнагын окуп чыгууну сунуштар элек.

*Калчоро КӨКУЛОВ,*
*акын, журналист.*

## АКЫНДЫН АРУУ ДҮЙНӨСҮ

...Ошондой эле дагы бир акын жигитибиз Тынчтыкбек Нурманбетовдун «ТАШ-КӨМҮР ТАБЫ» деп аталган жыйнагы да окуган адамды кайдыгер калтырбайт. «Таш-Көмүрүм – өмүрүм. Таш-Көмүрсүз жок деп башка өмүрүм» – кесе айтат. Китептин бет ачарында каалоо-тилегин билдирип, акын С.Шатманов жазгандай, чү дегенде эле, ушул патриоттук идея байкалат да, Тынчтыкбек Нурманбетовдун китебинин баш-аягына чейин аралап өтөт. Туулуп-өскөн, балалыгы калган, киндик кан тамган жерин ким гана ырга кошпогон, ал жеринин ташын алтынга теңеген, абасын дары кылган акындык сезим Т.Нурманбетовдо да күчтүү сезилет. «Таш-Көмүрдүн табындай дилден өчпөс, Таш-Көмүрдө балалык доор калды деп (5-б.) жазат бул туурасында. Таалай издесе табар жери да Таш-Көмүрү акындын (7-б.), ал жерден «кара чачына ак араласа да «ата-эненин мээримин күсөйт» (7-б.), ал жерде тапкан Ракедей досторун эки өмүрдө да эч бир жан бөлө албайт (8-б.) Ооба, туулган жердин ыйыктыгы ошондой. Эмгек баатыры, Мекен сыймыгы мыкты адамдар да, бир класста окуган, түр калемин талашкан кичинекей Шербет да, баары акын үчүн ыйык. Ал кездеги тентек курбулары эми баары адам болушту, ал күндөрүн эстеген акын жүрөгү бир ыраазы боло, бир өкүнө ыр болуп төгүлөт.



Жыйнактагы «Төрт саптар» деген ыр түрмөгү турмуштук ар кандай ой тамчыларын көңүлүнө камтыйт. Анда ырыскылаш, жакшы коңшу, «жашоо» дегениң мансап эле эмес экени, акыбалын сурабай, айлыгын сураган достору, башка үчүн бирөө болсо, өз үчүн кайталангыс адам – жан ата тууралуу, оомат баштан кеткенде, жанында жалгыз гана өз адамдын калары ж. б. тууралуу ойлору жылт-жылт эткен керемет учкундардай туюлат.

«Дил жаңырыгы» топтому, өзү эле айтып тургандай, адамдардын өйдө-төмөн, оң-терс кыял-жоруктарын чымчып сындайт. Адам болуп туруп, адамкерчиликсиз ишке барып, адалдыкты булгап, кызматы өйдөлөсө колтук ачып, «Топурагы алтынды» тепсегенибизге, «калыстыкты» унутуп, колубуз ийрисине

тартып кетмейибизге (32-б.) келише албайт. Тиш кашкайта күлүп туруп, чучуктан кетпес ичтарлыгыбыз бар экенине (32-б) ызаланат. Ысык-Көл жөнүндөгү «Көңүлгө шыпаа», «Турдум дымып», «Көл шоокуму» жана «Ысык-Көл» деген ырларында көлдүн экологиясы тууралуу толгонот.

Жыйнактагы айрыкча көңүлдү бурган «Эне тилим» аттуу лиро-публицистикалык поэмасы дал бүгүнкү күндөгү курч маселеге арналган экен. Поэма: «Эл туруп эне тилин унуткан бар, Эл безер атка конуп куруткан бар. Эненин сүтүн ичип, тилин билбей, эненин ичине кан уюткан бар» – деп башталат! Чынында эле, акындын каны күйүп, жаны кашайгандай бар, эли-жеринен кара курсагын өйдө көргөндөр, ата-тегин унутуп, ыйык бабалардын ысмына шек келтиргендер четтен чыгып калбадыбы. Эл достугу деп шылтоо кылып, өз салтын унуткандар; элибиздин момундугун билип алып, төбөсүнө чыгып алгандар; чындыкты бетке айканды душман деп куугунтуктагандар жоголбоду; ошол үчүн эне тили, ата салты үчүн күрөшүүдөн тайсалдаган атка минерлер; улуттук ар-намысты коргоп кеп кылгандары «улутчул» деген атка конуп, өз жеринде азап чегиши көбөйгөндүгүн айтып безеленет акын.

*Баары бир, өз тилимде сүйлөй берем,*
*Дүйнөлүк статуска жетпесе да –*

дейт сөзүнө бекем туруп. Жыйнакка, булардан сырткары, арноо ырлары, ыр новеллалары жана аскердик жан дептердеги эстеликке калган саптары да кирген. Ал эми аягында «Доор дарты» аттуу дагы бир лиро-публицистикалык поэмасы учурда өлкөбүздө өкүм сүрүп бараткан аракечтик менен жапайы сооданы сындоо, анын адам турмушун азапка салып жаткан күңгөй-тескейи, ичкиликтин артынан түшүп, эл караган бети жер карап, адам сапатынан кеткен лирикалык каармандын ички дарты – бул доордун дарты экенин, андан арылуудан гана элибиз оң жолго түшөрүн айтат.

Сөзүбүздү жыйынтыктасак, жогоруда айтып өткөн алты акындын поэтикалуу дүйнөсү, алты башка аруу дүйнө экенине, алар өз үнү, өз дүйнөсү менен келип, учурдагы кыргыз поэзиясында атайы кеп кылар, анын өсүшүнө өз салымын кошор татыктуу орду бар экенине көзүбүз жетти.

*Сулайман РЫСБАЕВ,*
*педагогика илимдеринин доктору, профессор.*
*«Адабий Ала Тоо» гезити, N19, 2006-жыл.*

## МАЗМУНУ


Таш-Көмүр таасирлери....................................3
Төртсаптар..................................................27
Дил жаңырыгы.............................................30
Кара-Деңиз кайрыктары...............................52
Эне тилим....................................................60
Арноо ырлары..............................................65
Ыр-новеллалар.............................................88
Жоокердик жан дептерден...........................98
Доор дарты..................................................111
Акынга ак дилден каалоолор.......................136

*Көркөм-адабий китеп*

**Нурманбетов Тынчтыкбек**

ТАШ-КӨМҮР ТАБЫ

*(Ырлар, поэмалар)*

Бишкек, «Бийиктик» басмасы
Кыргыз тилинде

Редактор: *Т. Субанбеков, Ж. Теңирбергенова*
Калыпка салган *Ч. Сатибекова*
Жасалгалаган *М. Кадыров*
Корректору *Ж Чоргоева*

Басууга 20.02.2011-ж кол коюлду
Офсент кагазы. Кагаздын форматы $70 \times 90^{1}/_{32}$
Көлөмү 10 басма табак. Нускасы 1000. Заказ № 17


Кыргыз Республикасынын Баатыры
Акбаралы Кабаев